ISSN 0002 – 3221

**АТАЙЫН ЧЫГАРЫЛЫШ**
**СПЕЦИАЛЬНЫЙ ВЫПУСК**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН**

# К А Б А Р Л А Р Ы

---

# И З В Е С Т И Я

**НАЦИОНАЛЬНОЙ АКАДЕМИИ НАУК**
**КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**БИШКЕК** **2023**

*ilimbasma@mail.ru*

# ИЗВЕСТИЯ
# НАЦИОНАЛЬНОЙ АКАДЕМИИ НАУК
# КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

ISSN 0002–3221

**Редакционно-издательская коллегия:**

*член-корреспондент НАН КР К.Е.Абдрахматов (главный редактор)*
*академик НАН КР Ч.И Арабаев (зам. главного редактора)*
*член-корреспондент НАН КР Б. М. Худайбергенова (отв. секретарь)*
*академик НАН КР Д.А Адамбеков*
*академик НАН КР А. А. Акматалиев*
*академик НАН КР А.А Асанканов*
*академик НАН КР А. А. Борубаев*
*член-корреспондент НАН КР Д.С. Джаилов*
*академик НАН КР М.С. Джуматаев*
*член-корреспондент НАН КР Н.Ж. Жеенбаев*
*академик НАН КР Ш.Ж. Жоробекова*
*академик НАН КР А.Т. Жунушов*
*академик НАН КР О.И. Ибраимов*
*академик НАН КР К. Ч. Кожогулов*
*академик НАН КР О.А. Тогусаков*
*член-корреспондент НАН КР К.Т.Шалпыков*

| | | | |
|---|---|---|---|
| Журнал основан в 1966 г. Выходит 4 раза в год | Журнал зарегистрирован в Министерстве юстиции КР свидетельство №1950 | Журнал входит в систему РИНЦ с 2016 г. | ИЦ «Илим» НАН КР г. Бишкек пр. Чуй 265а |

**МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ**
**КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**
**НАЦИОНАЛЬНАЯ АКАДЕМИЯ НАУК**
**КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# ИНФОРМАЦИОННОЕ ПИСЬМО О МЕЖДУНАРОДНОЙ НАУЧНО-ПРАКТИЧЕСКОЙ КОНФЕРЕНЦИИ

**“Творческое кредо О.А. Тогусакова: философско-футурологические методы исследования в условиях современной трансформации общества”**

**посвященной 70-летию академика НАН КР, Заслуженного деятеля науки КР, Лауреата Госпремии КР и высшей академической премии им.И.Ахунбаева, Отличника образования СНГ, доктора философских наук, профессора Тогусакова Осмона Асанкуловича**



**13 октября 2023 г. Национальная академия наук Кыргызской Республики проводит Международную научно-практическую конференцию**

**МАЗМУНУ СОДЕРЖАНИЕ CONTENTS**

***Саралаев Н.К., Бекбоев А.А., Козубаев Ө.К., Карабукаев К.Ш.***
Футуролог-философ
Футуролог-философ
Futurologist-philosopher........................................................................................11

***Абобакирова З.А., Умаров Ш.А.***
Методы проверки и мониторинга сейсмической прочности зданий
Methods for checking and monitoring the seismic strength of buildings.............................18

***А. Н. Азарбеков***
Азыркы замандын шартында саясий бийлик түшүнүгү
Понятие политической власти в условиях современности
The concept of political power in the conditions of modernity..............................................26

***Азимова А.Т., Шаршебаева Т.А.***
Социалдык тармактардын шайлоо алдындагы үгүттөөдө колдонулушу
Использование социальных сетей в проведении предвыборной агитации
Use of social media in election campaigning.........................................................................31

***Д.М. Айдарова***
Эпос «Манас» источник формирования исторической памяти кыргызов
«Манас» эпосу кыргыздардын тарыхый эс тутумун калыптандыруу булагы катары
The epic «Manas» is the source of the formation of the historical memory of the kyrgyz.....36

***Акматалиев А. Т., Жолдошова Ч. М., Кушубакова Ш. А.***
Философиядагы адамдын руханий тажрыйба маселеси
Проблема духовного опыта человека в философии
The problem of spiritual experience man in philosophy.........................................................42

***Амердинова М.М., Акматова Г.Э.***
Ааламдашуу шартында жаш муундардын эстетикалык баалуулуктарынын калыптанышы
Формирование эстетических ценностей молодых поколений в условиях глобализации
Formation of aesthetic values of young generations in conditions of globalization...............48

***Апсаматова Э. Дж.***
Онтология национальной идентичности в пространстве современных культур и цивилизаций
Заманбап маданияттар жана цивилизациялар мейкиндигинде улуттук иденттүүлүктүн онтологиясы
Ontology of national identity in the space of modern cultures and civilizations...................51

***Исаков К. А., Жалалова Т. А.***
Аморалдуулук (аморализм) глобалдуу проблемалардын детерминанты
Ahlaksızlık küresel sorunların belırleyıcı etkenıdır.............................................................57

***Мамытов Т.Б., Карабаев Ж.Э.***
Азыркы таптагы Түркиянын тышкы саясаты
Современная внешняя политика Турции
Modern foreign policy of Turkey..........................................................................................62

***Курбанбаев К.А., Марипов А.Т.***
Коомдогу адеп-ахлактык ой жүгүртүүлөрдүн искусстводо чагылдырылышы
Отражение нравственных мыслей общества в искусстве
Reflection of the moral thoughts of society in art...................................................................71

***Норов Ш. С.***
Өзбекстандын көз карандысыздык жылдарындагы (2017-2022) зарафшан оазисинин аймагында жаштар уюмдарынын иш менен камсыз кылуу чөйрөсүндөгү ишмердүүлүгү
Деятельности молодёжных организаций в сфере занятости на территории зарафшанского оазиса за годы независимости Узбекистана (2017-2022)
Activities of youth organizations in the field of employment on the territory of the zarafshan oasis during the years of independence of Uzbekistan (2017-2022)..........................................76

***Нусупова С. Ч., Нусупов Ч. Т.***
Социалдык-экономикалык жана идеологиялык башаты жарандык коомду түзүү
Социально-экономические и идеологические истоки формирования гражданского общества
Socio-economic and ideological origins formation of civil society........................................81

***Боронбаев А. Ж., Осмонова А.***
Улуттук оюндар – кыргыз маданият борбору
Национальные игры - кыргызский культурный центр
Folk games - kyrgyz cultural center...........................................................................................88

***Рыбакова Е.В., Рыбаков Д.Г.***
Образование как культура международной интеграции
Билим берүү эл аралык интеграция маданияты катары
Education as a culture of international integration...................................................................95

***Салморбекова Р.Б.***
Философско-футурологические мысли академика О.А. Тогусакова
Академик О.А. Тогусаковдун философия-футурологиялык ойлору
Philosophical-futurological thoughts of academician O.A. Togusakov...............................101

***Сариева Д.С.***
Проблемы коррупции в государственном управлении
Мамлекеттик башкаруудагы коррупция көйгөйү
Problems of corruption in public administration...................................................................106

***Союзбек кызы Г.***
Санариптик теңсиздиктер азыркы коомдун социалдык-маданий көйгөйү катары
Цифровые неравенства как социокультурная проблема современного общества
Digital inequalities as a socio-cultural problem of modern society.....................................111

***Стамова Р.Д.***

Трансформация кыргызского национализма в составе России

Кыргыз улутчулдугунун Россиянын курамындагы трансформациясы

Transformation of kyrgyz nationalism in Russia........................................................................118

***Колопов А.С., Алымкулов М. С., Акаев А.А.***

Пандемия шартында Кыргызстандын абактарындагы адамдардын ден соолук укугун сактоо

Соблюдение права на здоровье тюремного населения в Кыргызской Республике в условиях пандемии

Realization of the right to health of the prison population in the Kyrgyz Republic in the context of a pandemic........................................................................................................124

***Шарипова Э.К., Камбарова Н. Н.***

Маалыматтык коопсуздук: маңызы жана коркунучтар

Информационная безопасность: сущность и угрозы

Information security: essence and threats.................................................................................130

***Ботоева Ч. К., Кыдырмамбет кызы М.***

К вопросу о юридической природе судебной власти

Сот бийлигинин юридикалык табияты жөнүндөгү суроосуна

On the question of the legal nature of the judiciary...................................................................136

***Аалиева Ш.К.***

«Маданий-моралдык баалуулуктар» жана «сакралдуу мурас» түшүнүктөрү

Понятия «культурно-моральных ценностей» и «сокральных наследий»

The concept of cultural and moral values and sacral heritage...................................................142

***Абыкеева-Султаналиева Т. Б., Усупова Ч.С.***

Кыргызстан туруктуу өнүгүү диалектикасынын шартында

Кыргызстан в контексте диалектики устойчивого развития

Kyrgyzstan in the context of dialectics of sustainable development.........................................149

***Акматова Н.С.***

О христианском экологическом императиве

Христиандык экологиялык императив жөнүндө

Hiristiyan ekolojik zorunluluğu üzerine

On the christian ecological imperative......................................................................................155

***Алымкулов М.С., Карабукаев К. Ш., Исаева М.Т***

Ааламдашуу шартында коомдун социалдык маданий трансформациялары

Социокультурные трансформации общества в условиях глобализации

Sociocultural transformations of society in the context of globalization..................................160

***Асанбаева Г. Ж.***

Экологиялык коопсуздукту камсыз кылууда мамлекеттик башкаруунун өзгөчөлүктөрү

Особенности государственного управления в обеспечении экологической безопасности
Features of public administration in ensuring environmental safety....................................165

***Асанов Ж.К.***
Азыркы футурологиянын методологиялык негиздери
Методологические основы современной футурологии
Methodological foundations of modern futurology............................................................170

***Примкулова Ж.Дж.***
Философиялык теориянын тажрыйбасындагы оюн маселеси
Проблема игры в опыте философской теории
Problem game and experiment philosophical theory...........................................................174

***Жанышбек уулу А., Азырханова А.***
Особенности гражданского общества в Кыргызской Республике
Кыргыз Республикасындагы жарандык коомдун өзгөчөлүктөрү
Features of civil society in the Kyrgyz Republic..........................................................180

***Исаева А.М.***
Глобалдашуу астында руханий- ахлак баалуулуктардын трансформациясы: философиялык анализ
Трансформация духовно-нравственных ценностей в условиях глобализации: философский анализ
Transformation of spiritual and moral values in the conditions of globalization: a philosophical analysis..........................................................................................................186

***Абыкеева-Султаналиева Т.Б., Абыкеева А.З., Марат Адилет***
Глобалашуу шартында коомдун коопсуздугун камсыз кылууда экономикалык проблемаларды чечүүнүн этикалык формасы
Этическая форма решения экологических проблем как обеспечение безопасности общества в условиях глобализации
Ethical form of solving environmental problems as ensuring security of society in conditions of globalization..........................................................................................194

***Мааткеримов Б.А.***, ***Туратбек кызы Ж.***
Коомдук жашоодогу идеологиянын негизги орду
Главное место идеологии в общественной жизни
The main place of ideology in public life.........................................................................201

***Мукасов Ы.М.***
Кыргыздардын философиялык ойломунун генезисинин социомаданий негиздери
Социокультурные основы генезиса философской мысли кыргызов
Socio-cultural foundations of genesis philosophical thought of the kyrgyz........................207

***Бекбоев А. А., Карабукаев К. Ш.,***
«Футурология» түшүнүгүнүн философиялык мүнөздөмөсүнө карата
К философской характеристике понятии “футурология”

On the philosophical characteristics of the concept of “futurology”...................................214

***Рыспаева С.Ж.***

Социалдык тобокелдик – социалдык тандоо катары

Социальный риск – как социальный выбор

Social risk as a social choice.........................................................................................221

***Исмаилова Ж., Сатыбеков А.Н.***

Эл аралык аэропорттордун практикасында учуулардын коопсуздугун башкаруу системасын талдоо

Анализ системы управления безопасностью полетов на практике международных аэропортов

Analysis of the flight safety management system in the practice of international airports...227

***Шаршебаева Т.А.***

Башкаруунун саясий системасындагы медиакратия

Медиакратия в политической системе управления

Mediacracy in the political system of managemen................................................................232

***Ысырайылова Н.С., Омурбек кызы Асел***

Социалдык тармактар ММКнын заманбап түрү катары

Социальные сети как современный тип СМИ

Social networks as a modern form of mass media.................................................................237

***Козубаев О., Камбарова Н.Н***

Социокультурные аспекты информационной безопасности

Маалыматтык коопсуздуктун социомаданий аспектилери

Socio-cultural aspects information security...........................................................................242

***Сариева К.***

Тогусаковдун илимий ишмердиги - системдүүлүктүн контекстинде

Научная деятельность тогусакова – в контексте системность

Togusakov’s scientific activity – systemicity in the contex...............................................................248

***Сыдыкбаев Ч.М., Кошоев А.Н.***

Чек ара көйгөйүн чечүүнүн маанилүү жолу - идеологиялык боштукту болтурбоо

Важный путь решения пограничной проблемы – не допускать идеологического вакуума

An important way to solve the border problem is to avoid an ideological vacuum...............254

***Тешабоева З.Т.***

Социальные и культурные аспекты глобализации для экономики Узбекистана

Social and cultural aspects of globalization for the economy of Uzbekistan........................260

***Тохтасунова Г.А.***

Детство - как социальнофилософская проблема

Childhood - as a socio-philosophical problem.......................................................................265

***Усекеев Э.Ж., Торомырзаева Ж.Т.***

Маалыматтык коомдун маданияты. Саясий коммуникациянын теориялык баяндамасы

Культура информационного общества. Теоретический дискурс политической коммуникации

The culture of the informational society. Theoretical discourse
of political communication....................................................................................................271

***Шарипова Э.К., Акматалиев А. Т., Жумакадыр уулу М.***

Коомдук аң-сезимдин өлкөнун руханий кайра жаралуусуна жана өнүгүүсүнө тийгизген таасири

Влияние общественного сознания на духовное возрождение и развитие страны

Influence of public consciousness on spiritual revival and development of the country......276

***Аалиева Ш.К.***

Речевой этикет кыргызов

Кыргыздардын сүйлөө этикети

Kyrgyz speech etiquette.........................................................................................................282

***Юнусов К.А., Рахимова З.А., Усупова Б Мухаммадтурди кизи***

Факторы улучшения социального положения женщин-девушек в Узбекистане в условиях глобализации

Factors for improving the social status of girls women in Uzbekistan in the progress of globalization..........................................................................................................288

***Юсупова Ф.З.***

Justification of mutually determined factors in the formation of the internal system of the moral ideal of youth

Обоснование взаимно обуславливающихся факторов в формировании внутренней системы нравственного идеала молодежи..........................................................................295

***Усенова Н.Э.***

К вопросу о формировании коммеморативной культуры кыргызов

Кыргыздардын коммеморативдик маданиятынын калыптануусу тууралуу маселеси

On the issue of formation of commemorative culture of the kyrgyz....................................300

***Керимкулов Ш.Э.***

Роль органов внутренних дел по предотвращению семейного насилия в отношении женщин и детей

Аялдарга жана балдарга карата үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алууда ички иштер органдарынын ролу

The role of ministral affairs bodies in preventing domestic violence against women and children..........................................................................................................306

***Ботоканова Г.Т. , Карабаева С.Т.***

Руханийлик жана коомдун социалдык-экономикалык жашоосу түшүнүктөрүнүн өз ара карым-катнашы

Взаимоотношения понятий духовность и социально-экономическая жизнь

Relationship of concepts spirituality and socio-economic life...........................................312

***Амирова Э.Дж.***

Саясий модернизация жана жарандык коом: демократиялык процесстин өз ара аракети жана таасири

Политическая модернизация и гражданское общество: взаимодействие и влияние на демократический процесс
Political modernization and civil society: interaction and influence on the democratic process....318

***Эркинбек кызы Н***
Глобалдык жарандыктын өнүктүрүүдөгү жарандык коомдун ролу
The role of civil society in developing global citizenship
Роль гражданского общества в развитии общемировой гражданственности....324

***Тольбашиева Дж.У.***
Инновационная деятельность в Кыргызстане в условиях глобализации
Ааламдашуу шартында Кыргызстандагы инновациялык ишмердүүлүк
Innovative activity in kyrgyzstan in the context of globalization....329

Сведения об авторах....334

Памятка для авторов....338

УДК: 159.923 (575.2) (04)

***Саралаев Нур Керимкулович,***
*философия илимдеринин доктору, профессор*
*КР УИАнын А. Алтмышбаев ат. Философия институту*
***Саралаев Нур Керимкулович,***
*докт. филос. наук, профессор*
*Институт философии им. А. Алтмышбаева НАН КР*
***Saralaev Nur,***
*doctor of philosophy, professor*
*Institute of philosophy named after A. Altmyshbaev of the NAS KR*

***Бекбоев Аскарбек Абдыкадырович,***
*философия илимдеринин доктору профессор, жетектөөчү илимий кызматкер,*
*КРнын УИАнын А. Алтмышбаев ат. Философия институту*
***Бекбоев Аскарбек Абдыкадырович,***
*докт. филос. наук, профессор,*
*ведущий научный сотрудник.*
*Институт философии им. А. Алтмышбаева НАН КР*
***Bekboev Askarbek,***
*doctor of philosophy professor, Institute of philosophy*
*named after A. Altmyshbaev of the NAS KR*

***Козубаев Өскөн Козубаевич,***
*философия илимдеринин доктору, профессор,*
*бөлүм башчы.*
*КР УИАнын А.А. Алтмышбаев атындагы Философия институту*
***Козубаев Өскөн Козубаевич,***
*доктор философских наук, профессор,*
*Институт философии им. А.А.Алтмышбаева НАН КР*
***Kozubaev Oskon,***
*doctor of philosophy professor, head of department, Institute of philosophy named after A.A. Altmyshbaev of the NAS KR*

***Карабукаев Кадыркул Шаршеевич,***
*доктор философских наук,*
*ведущий научный сотрудник,*
*Института философии им. А.А. Алтмышбаева НАН КР*
***Карабукаев Кадыркул Шаршеевич,***
*философия илимдеринин доктору,*
*жетектөөчү илимий кызматкер,*
*КР УИАнын А.А. Алтмышбаев атындагы Философия институту*
***Karabukaev Kadyrkul Sharsheevich,***
*doctor of philosophical science,leading researcher, Institute of philosophy*
*named after A.A. Altmyshbaeva of the NAS KR*

## ФУТУРОЛОГ-ФИЛОСОФ

**Аннотация.** Бул макалада авторлор тарабынан академик О. А. Тогусаковдун илимий эмгектерине, өмүр жолуна кыскача серeп жасалган. Анын илимий изилдөөлөрү футурологиянын түшүнүктүк маңызын, методологиялык принциптерин, логикалык ырааттуулугун ар тараптуу илимий талдоого багытталган. Предметтик-объектилик мамилелердин контекстинде көрөгөчтүк феноменинин имманенттүү маңызын изилдеп, стандарттуу эмес ыкмалардын көп түрдүүлүгүнө өзгөчө көңүл бурулган. Ал өз изилдөөлөрүндө адамдардын прогностикалык аң-сезимин жана таанып-билүүсүн алардын турмуштук ишмердүүлүгүнүн реалдуу процесси аркылуу аныктоонун механизмин ачып берген. Алдын ала көрүүнүн жалпы методологиялык принциптери жана логикалык структурасы анын таанып билүү процессиндеги ролунун жана коомдук практиканы өзгөртүүдөгү маанисинин позициясынан каралып, эң негизгиси, адамдын келечекти көрө билүү жөндөмү анын негизги функциясы катары каралат.

**Негизги сөздөр:** Тогусаков О.А., илимий изилдөөлөр, футурология, алдын ала көрүү, методология, илим, философия.

## ФУТУРОЛОГ-ФИЛОСОФ

**Аннотация.** В данной статье авторами проведены краткий обзор научных трудов и жизненного пути академика О. А.Тогусакова. Отмечены, что его научные исследования направлены на комплексный научный анализ концептуальной сущности, методологических принципов и логической последовательности футурологии. В контексте субъект-объектных отношений исследуется имманентная сущность феномена предвидения человека, которое особое внимание уделяется разнообразию нестандартных методов. В своих исследованиях он раскрыл механизм определения прогностического сознания и познания людей через реальный процесс их жизнедеятельности. Общие методологические принципы и логическая структура предвидения рассматриваются с точки зрения его роли в познавательном процессе и значении в изменении социальной практики, а главное, в качестве его основной функции рассматривается способность человека видеть будущее.

**Ключевые слова:** Тогусаков О.А., научные исследования, футурология, предвидение, методология, наука, философия.

## FUTUROLOGIST-PHILOSOPHER

**Abstract.** In this article, the authors provide a brief overview of the scientific works and life path of Academician O. A. Togusakov. It is noted that his scientific research is aimed at a comprehensive scientific analysis of the conceptual essence, methodological principles and logical sequence of futurology. In the context of subject-object relations, the immanent essence of the phenomenon of human foresight is explored, with special attention paid to the variety of non-standard methods. In his research, he revealed the mechanism for determining the prognostic consciousness and cognition of people through the real process of their life. The general methodological principles and logical structure of foresight are considered from the point of view of its role in the cognitive process and significance in changing social practice, and most importantly, a person’s ability to see the future is considered as its main function.

**Key words:** Togusakov O.A., scientific research, futurology, foresight, methodology, science, philosophy.

Аракет кылсаң берекет, саргара жортсоң кызара бөртөсүң дейт. Бул нары нарктуу, нары салмактуу сөз берметтеринин калети жок. Кашкайган чындык. Күн-түн түйшүк тартып, маңдай тер, таман акысы менен эрезеге жеткен бар. Андайлардын бири, алиги нарктуу СӨЗдүн өтөөсүнө чыгып, аны дагы бир жолу далилдеген биздин Осмон. Биз аны биздин Осмон, Осоке дейбиз, бул бир эсептен анын жөнөкөйлүгүнөн, жупуну адамкерчилигинен болсо керек...

**Маалымат: Тогусаков Осмон Асанкулович, философия илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын академиги, Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сиңирген ишмер, Илим боюнча Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сыйлыгынын, И.Ахунбаев атындагы Улуттук илимдер академиясынын жогорку сыйлыгынын ээси, “Манас” орденин жана “Даңк” медалынын кавалери, үч Эл аралык академиянын анык мүчөсү, анын ичинде Россия Федерациясынын Коомдук илимдер академиясынын академиги. Аны Эл аралык биографиялык Институт (АКШ) «Жылдын адамы» деп эки жолу шайлаган, КМШ мамлекеттеринин билим берүүсүнүн отличниги.**

Ооба, билинбеген түйшүгү түмөн, түн уйкуну алган адал эмгектин берекеси, кайтарымы болду. Мезгил-мейкиндиктен жеке өзүнүн, өзүнө гана тиешелүү ордун көшөөрүп жүрүп тапты. Убакыт менен жарышып кол эмес ой жетпей турган максатына жетти. Сый-урмат менен сыйлыктар ээрчише келди. Сейрек боло турган мындай өмүр тилкесин байсалдуу деп коёт.

Академик О.А.Тогусаков 1979-жылы ошол мезгилдеги илим куту - Кыргыз ССРинин Илимдер Академиясынын астанасын алгач аттап, Философия жана укук институтуна кенже илимий кызматкери болуп дайындалгандан тартып талыкпай изденип келди. Философиянын татаал лабиринттеринен адашып калбаш үчүн, “көбүк чачкан суу менен кошо, акылдын үрөнүн жоготуп албаш үчүн” караандай, көзмайын жеген эмгек керек экенинин аңдап түшүндү. Оңой менен эс-акылдын, ойлом таанымынын бутасына илине бербеген, түшүнүүгө өтө оор олуттуу илимий тармакты аздектеп келди, анын табышмактуу табиятын жандырууга туубаса шык-жөндөмүн, көгөрүп көктөгөн аракетин жумшады. Бир ай, үч ай аздектеп жазганын бир күндө чийип жаратпай салган күндөрү болду. Иштей берди, ишегенден тажаган жок. Философия түйшүктүү, чымырканган эмгекти, былк этпеген эркти талап кылган татаал тармак экендигин туйду, сезди. Майтарылган жок, тескерисинче чыйралды. Бала кезинен намыскөй, бул саам да намыстанды. Алгачкы күндөрдөн эле илимий идирек пайда болду, улам барган сайын өзүнө болгон ишеничи арта берди. Осмон үмүт билигин жандырды, үмүт улам ирилешип Осмонду алга жетеледи. Ошол алгачкы күндөр күдөр үзбөгөн аруу тилек, бийик макасаттын, бүлбүлдөгөн үмүттүн бир, билинер-билинбес тутамы эле. Бара-бара тутам тутка болду. Аракет текке кеткен жок. Ийгилик имерилип, изгилик күүсүнө келди. Илимдин табылып-табылбай келген каалгасы улам кеңенирек ачыла берди.

Осмон Тогусаков 1953-жылдын кыштын кычыраган январь айында Ысык-Атанын Кызыл-Арык айылында көз жарып, ошол эле айылдагы орто мектепти ийгиликтүү аяктаган. Матрос болуп, аскердик милдетимди аткарсам деп, алтургай аскер комиссириатынан сурансамбы деп кыялданып жүргөндө анын тилеги көп узабай орундала калат деп үч уктаса анын түшүнө кирген эмес. Шыңга бойлуу керилген жигитти көптүн ичинен тандап алып, СССР Аскер-Деңизи флотунун Тынч океан флотилиясына суу алдында сүзүүчү кемеде аскердик кызматын өтөөгө жөнөтөт. Табиятынан чыгармачлыкка туташ жаш жигиттин жээги көрүнбөгөн чексиз Тынч океанда, анан калса суу алдында кызмат өтөгөнү Осмондун жадында өчпөс из калтырды. Аскердик кызматтын катаал сыноолору чыңалтты. Айлап, керек болсо жылдап жер бетин көрбөй суу астын бойлоп жүргөндө ой менен ынак болот. Орошон ойго ынак болду. Адам, турмуш, жашоонун билинген-билинбеген жактары тууралуу көп ойлонду. Кыялданчу.

Аскердик кызматтан кийин Кыргыз мамлекеттик университетинин география факультетинин студенти болгону да, ошол Тынч океандан алган таасири болгондур. География табият сырын өздөштүрүүгө өбөлгө болоорун аңсезимге ээ бербеген учкул интуициясы менен сезе билди. Жер шарты, кыртыш, айлана-чөйрө, фауна менен флора, климат көп кырдуу бир бүтүндүк экендигин, алардын ачкычы толук аңдала элек мыйзамдарда экендигин алдыртан сезди-туйду. Аңгыча дилектикалык материализм, тарыхый материализм деп аталган философиялык сабактар өтүлө баштады. Ошондон, айрыкча философияга болгон кызыгуусу артып, студенттик илим менен алпурушуп жүрдү. Табияттын, болумуштун бир бүтүндүгүнүн жалпылыгы, көп кырдуулугунун биримдиги философия менен түздөн-түз байланыштуу экендигине ынанды. Философияга болгон ышкысы ойгонду. Бийик илимий максат түптөлө баштады.

Университетти мыкты аяктады, камчы салдырган жок, шыктуу бүтүрүүчү катары адистик чыйырын Дене тарбия Институнун окутуучусу катары баштады. Студенттерге үйрөтүп өзү да философиянын ары татаал, ары терең сырларына сүңгүп кире берди. Ошол эле 1979-жылдын аягында Кыргыз ССР Илимдер Академиясынын Философия жана укук институтуна кенже илимий кызматкер катары кабыл алынды, философия илиминин ошол мезгилде оргуп турган кудугуна туш болду. Философия илимин түптөгөн, өнүктүргөн А.А.Алтмышбаев, Т.А.Абдылдаев, А.А.Салиев, А.И.Нарынбаев, А.А.Брудный, Т.Ж.Каракеев, М.К.Абдылдаев сыяктуу улуу-орто муундагы омоктуу окумуштуулар менен аралаш иштеп, алардан үлгү алды, алардын ишенимине ээ болду. Айрыкча ошол мезгилдеги Институттун директору, академик, кыраакы-кеменгер жетекчи А.А.Алтмышбаевдин көзүнө илинип, “өсө турган жигит экен” деген пикирди жаратты. Тагдыр, чексиз океан, жандүйнөсүн ээлеп алган ой-кыял, философияга болгон кызыгуу анын чордонуна жетелеп келгендей болду. Ошондон ушул күнгө илимдин таштак жолунда “ийне менен кудук казып” келет. Кудуктан тунук булак, тунук булактан акылдын үрөнүн издеп келет. Чарчадым деп чаалыккан жок. Тескерисинче улам барган сайын чыңалып-чыйралып, көшөрүп көп изденди.

Биз үчүн өзгөчө мааниге ээ, илимге, элге аттын кашкасындай белгилүү омоктуу окумуштуу, чыгаан инсандардын жемиштүү “уюгундай” болгон Философия жана укук институту бизди да тааныштырды, бириктирди. Жоон топ жаштар бир маалда келдик. Жаш илимпоздор кеңеши деген уюм түзүп, философиялык ойлордун тегерегинде нечен ирет “кызыл чеке” болуп талашып-тартыштык. Классикалык, постклассикалык, постклассикалык эмес деген түйүндүү философиялык парадигмалар ой-бойго карабай ала качып турар эле. Ойдун, болумуштун табияты, евроборбордук-чыгышборбордук деген бири-бири менен кайчылаш, бирин-бири танган көз караштар, абстракттуулук жана конкреттүүлүк, идеалдуулук, болочокту боолголоо (футурология) сыяктуу татаал теориялык көйгөйлөр көңүлүбүздүн чордонунда болуп, бизди көп ойлондурчу. Осмондун ойлом татаалдыктарынын жөнөкөй формаларын, жөнөкөй формалардан татаалдыктын издерин издөө манерасы, догма мүнөздөгү жоболордун калпыстыгын кылдат сезе билип, ой жүгүртүүнүн ийкемдүүлүгүн жакшы өздөштүргөнү, тереңдикке умтулганы тез эле кесиптештерине байкалды.

Осмон Асанкуловичтин илимий чыйыры белгилүү окумуштуу, адам акылынын кудурети оңой менен жетпеген диалектиканын ойкуп-кайкыган табиятын кылдат, терең түшүнгөн, кыргыз философия илиминин кыртышына жаңыча көзкарашты, табигый табият менен жасалма табияттын кыйма-чийме байланышын иликтеген илимий мектепти калыптандырган Кыргыз Илимдер Академиясынын корреспондент-мүчөсү, чет өлкөлөргө таанымал Табылды Абдылдаевич Абдылдаев тыгыз байланыштуу болду. Талапты катуу коё билген илимий жетекчи менен тырышчаак-эмгекчил шакирттин үзүрлүү тандеми түзүлдү. Осмондун кандай илимий багытта иштээри так-даанасы аныкталды.

Университеттен алган география боюнча адистиги, табият, коом жана ой жүгүртүүнүн айырмалуу биримдиги, учур менен болочоктун табышмактуу байланышы футурология тармагы боюнча иштөөгө өбөлгө болду. Футурология (социалдык прогноз, келечектин образын алдын-ала түзүү, боолголоо) менен бирге, аны менен тыгыз, өтмө-катар байланыштуу экология менен эпистемологиянын (билим жөнүндөгү окуунун) табиятын тереңирээк өздөштүрүү зарыл экендиги билинди. Онтология, гносеология, эпистемология, аксилогия сыяктуу илимий-концептуалдык парадигмалардын ички табиятын ийне-жибине чейин кылдат өздөштүрүүгө белсене киришип, теориялык беделин көтөрдү, көрөңгөлүү адис катары калыптанды.

Илимпоздун "илимий тагдыры" көбүнесе анын өзүнө эле эмес, жетекчисине да байланыштуу жана кыраакы, теориялык кудурети күчтүү, илим жандүйнөсүн ээлеп алып, жашоо образын аныктап турган бийик-чыгаан инсандын шакирти болуу энчиси - илимий бакыт. Муну илим менен алпурушкандар жакшы билишет. Осмондун илимий устаты профессор Табылды Абдылдаевич сейрек кездешүүчү феномен-философ, мыкты жектекчи эле. Осмон-футурологдун калыптанышында Табылды Абылдаевичтин эмгеги эбегейсиз.

О.Тогусаковдун алгачкы эле эмгектеринде футурология байыркы мезгилдеги коомдук-табигый кубулуштарды алдан ала аныктоого болгон кызыгуу (астрология, магия, мистика,утопия) менен байланыштуу экендиги, бара-бара келечектин долбоорун аныктоо эмпирикалык (тажрыйбанын) жана рационалдык (акыл-эске таянган ойлом, тааным кудуретинин) деңгээлине жараша болоору ойломдун жаңы жагдайлары менен тастыкталган. Футурологиянын философиялык мүнөзү, табияты кыйла тарыхый-логикалык материалдарынын, экстрополяция, тарыхый аналогия, компьютердик моделдөө илимий методдорунун негизинде дааналанып далилденген. Осмондун алгачкы, соңку эмгектеринде илимий гипотеза-божомолдоо, же долбоорлордун түпкү теги адам баласынын биологиялык табияты менен социалдык табиятынын үзүрлүү да, кайчылаш (карама-каршы) да байланышында экендиги, табият менен коомдун табышмактуу, кубулма өнөктөштүгү бакубат турмушту да, баш-аламандыкты да жаратып коёру футурологияга (экологияга, эпистемологияга) өзгөчө дымак-дүрмөт берери илимий аргументтердин негизинде таасын, ачык, жетик белгиленген. Ошентип, Осмондун, адистердин кызыгуусун жартакан онтологиялык тариздеги, эмгектери зирек ой жүгүртүү ыктуу-жөндүү абстракциялык жалпылоолор менен шөкөттөлгөн.

Дүйнөтүзүлүш (табият, коом, ойлом кудурети) ушунчалык тездик менен алай-дүлөй өзгөрүп-өнүгүп, айрым учурда билим-тажрыйбанын да айласын кетирип койгон күтүлбөгөн көйгөйлөр көбөйгөн доордо келечектин алдын алуу жашоо зарылдыгы экендигин Осоке айтып да, жазып да келет, Осмон-онтолог-футуролог, Осмон-эколог, Осмон-эпистемолог. Осмондун биринчи эле монографиялык изилдөөсүндө "превидение" (алдыналуу) түшүнүгү, анын философиялык маңызы, логикалык эволюциясы жөндүү, далилдүү иштелип чыкты.

Кандитаттык диссертациясын ийгиликтүү жактагандан кийин Осмон жөндөмдүү окумуштуу эле эмес, мыкты менеджер катары тез эле (1986-жылы) Философия жана укук институтунун жооптуу кызматына окумуштуу катчылыкка бекитилди. Илимде да, жашоодо да накта ак сөөк (аристократ) насаатчыбыз академик А.А.Алтмышбаевдин бул чечими кокусунан болгон жок. Осмон кыска мезгилде жөндөмдүү-келечектүү адис катары гана калыптанды, сезимтал адамгерчилиги менен кесиптештеринин арасында кадыр-барк күттү. Жалгыз дарактын далдаасындагы калың токойду айрыбай тааный билген, уюштургуч жөндөмү, маселени кабыргасынан коё билип, шар-туура чечкен чечкиндүүлүгү байкалды.

1985-1989-жылдары Институттун окумуштуу катчысы катары эртеден-кечке администртивдик жумуш менен алек болсо да, Осмон аны билинер-билинбес сыйкырдуу касиети менен өзүнө тартып турган бүйүр кызыткан илимий дымактын "азгырыгынан" чыккан жок. Табиятынан чыгармачыл инсан катары чыга да албайт болчу, тескерисинче, шымаланып

иштеди, ондогон илимий макалаларды, брошюра-китептерди жарыялады. Изилдөөлөрүнүн жыйынтыктарын илимий симпозиум-конференцияларды апробациялап, ошол мезгилдеги философия тармагынын “советтик мейкиндигине” көтөрүлө алды.

Көп узабай, 1989-жылы, Казакстан Илимдер академиясынын Философия жана саясат таануу институтунун докторантурасына кабыл алынаары менен, ошол эле Институттун директору, академик Абдымалик Нысанбаевдин жетекчилиги менен жемиштүү иштей баштады. Кайрадан жатакана, кайрадан күндүзү китепкана... түндөсү китеп тиктемей. Ачык-айрым, билимдүү кесипкөй катары боордош философтор менен тез эле ымалалашып, аралышып кетти. Алардын арасында да сый-урматка ээ болду.

1992-жылы Алма-Ата шаарында “Понятие предвидения и его методологическое значение для научного познания” (“Алдын ала көрө билүү түшүнүгү жана анын илимий таанымдагы методологиялык мааниси”) деген темада докторлук диссертациясын ийгиликтүү жактады. Андан соң дароо эле Осмон Асанкулович Кыргыз илимдер академиясынын Философия жана укук институтунун директорунун илимий иштер боюнча орун басары катары белгилүү окумуштуу академик Институттун директору А.Ч.Какеев менен бирге иштей баштайт. 1992-жылдын аягында академик А.Ч.Какеев мамлекеттик жогорку кызматка дайындалып, которулганына байланыштуу, Осмон Тогусаков татыктуу жетекчи катары Институттун директорлугуна дайындалат.

Ошондон тартып, дээрлик чейрек кылым 2017-жылга чейин Осмон Асанкулович Институтту жетектеп келди. Кыйын учур, татаал мезгилде жетектеди. Советтик система жоюлуп, бороондуу мезгил сымал удургуган учур башталды, кечээки көндүм турмуш тоталитардык түзүм катары четке кагылып, аванценага бүгүнкү күнгө чейин жерден боорун көтөрө албай келаткан демократия чыга келди. Оош-кыйыш, кырды-бычак кыйын мезгил, кооптуу учур, ойлонулуп-ойлонулбай колдонулган чарбалык ыкмалар, жаңыны түзө элек жатып, эскини таптакыр жерүү илимдин, илимий мекемелердин ансыз да оор-кейиштүү абалын ого бетер курчутту. Илим өгөйлөнүп, кайыр сурагандай араңжан каржыланып, илимий иштердин, мекемелердин, кызматкерлердин кадыры кеткен мезгил бүктөмү орноду. Ушундай катаал шартта Институтту жетектөө, жөн эле аны сактап калуу тагдыр чечер оор, олуттуу көйгөйгө айланды. Арзыбаган айлык менен ансыз да кыйналып турган адистерди кантип сактап калам, кантип, кандай айла менен Институтту иштетебиз деген купуя сыр Осмон үчүн күнүмдүк санаага айланды. Кызматкерлердин жол киреесиз жок, ишке жөө келип, жөө кеткен учурлары болду. Осмон аларды колунан келишинче колдоп-жөлөп турду, сөз менен эрдемсинтип, кесипкөй болууга, ар-намысты бекем тутууга үндөп келди. Капилеттен сөз таап, караңгыда жол таба билер Осмондун уюштургуч жөндөмү айрыкча ушул кыйын опурталдуу кырдаалда ачык көрүндү. Аракетинин берекети кайтып, Институт сакталып калды, беделин жоготкон жок. Осмонго ишенип, илим деп жашаган чыныгы кесипкөйлөр кетип калбады, тескерисинче ийгиликке шынаарлаш болду. Осмон Тогусаков жетектеген Философия жана укук институту жемиштүү натыйжаларга жетишип, Улуттук академиянын карамагындагы мыкты мекемелердин бири болуп эсептелди, китептер жана окуу китептери, тематикалык жыйнактар, материалдар басылып чыкты. Симпозиум, конференция, философиялык окуулар байма-бай жогорку деңгээлде уюштурулуп турду.

О.А.Тогусаков коомдук ишмер катары да үзүрлүү иш алып барды, бир топ мыйзамдарды, кодекстерди иштеп чыгууга салым кошту. Кыргызстандын негизги мыйзамы болгон 1993-жылы кабыл алынган, 2005-жылы аны кайрадан иштелип чыккан Конституцияны даярдоого катышты. 2021-жылы кайрадан иштелип чыккан Конституцияны иштеп чыгууга жана анын кабыл алынышына активдүү катышты.

Профессор О.А.Тогусаковдун эмгектери, монографиялык изилдөөлөрү оригиналдуулугу, концептуалдуулугу, илимий жаңылыгы, терең мазмуну менен айырмаланат. Ал өзүнүн

илимий изилдөөлөрүндө ойжүгүртүүнүн өзгөчө касиети болуп эсептелинген алдын ала аныктоо касиетин таасын, далилдүү иштеп чыгып, акыл-эстин ченеми болгон оргуган ойдун күлүктүгү стандарттуу эмес жыйынтыктарды алып келерин далилдеди. Стандарттык эмес жыйынтыктар – стандарттык эмес ойжүгүртүүнүн туундусу экендигин, алдын алууга жеткилең көңүл бурулбаса башаламандык жаралаарын, кубулуш-окуялардын келечегин көрө билүү алардын тереңинде катылган фундаменталдуу, зарыл-кокус мыйзамдар менен байланыштуу экендигин, огунан жанган мыйзамдуулук башаламандыкка алып келерин, башаламандык кайрадан мыйзам аркылуу тартиптешерин дааналап тастыктады. “Бифуркация”, “флуктуация”, “аттрактор” сыяктуу синерготүшүнүктөрдүн татаал табиятын иликтеди. Ойлогон ойду кыстаган турмуш жеңерин, кыстаган турмуш ойлогон ойдун үзүрү экендиги, мындай парадоксалдуу кырдаалдар таанымдын татаал табияты менен байланыштуу экендиги, абстракциялоо конкреттүүлүккө айланаарын, андан соң конкреттүүлүктөн асбтсрактуулук бөлүнүп чыгаары таанымдын табияты экендиги чечмеленди.

Профессор О.А.Тогусаковдун кыргыз элинин дүйнө таанымынын эволюциясын, тарыхый-логикалык концепттерди камтыган да кыйла эмгектери бар. Философема менен философиянын, мифологема менен илимдин тогошуусун, аңсезимдин архетиптик, мифтик, диний, философиялык формаларын, чыгыш жана батыш ойжүгүртүүлөрүнүн өзгөчөлүктөрү коомдук болмуш, “архитектура” менен байланыштуу экендигин, дарвинизм менен антидарвинизмдин диалектикасын, классикалык ойлом менен постклассикалык (постмодернисттик) ойломдун кыйышуусун иликтеди.

Академик О.А.Тогусаковдун 380ден ашык илимий эмгектери, анын ичинде 6 жеке жана 19 авторлор менен биргелешип даярдаган монография, жогорку окуу жайлар үчүн философия, саясат таануу боюнча 4 окуу китеби, 5 окуу-методикалык куралы, 2 брошюрасы жарык көргөн. Алар республиканын илимий чөйрөсүнө кеңири белгилүү. Түйүндүү эмгектери “Scopus”, “Web of Science” жана РИНЦке кирген, импак фактору жогору престиждүү журналдарда жарыяланган. О.А.Тогусаковдун илимий эмгектери биздин өлкөдө эле эмес, чет мамлекеттерде да белгилүү. Анын эмгектерине Россия, Польша, Япония, Казакстан, Өзбекстан ж.б. чет мамлекеттердин окумуштуулары жогору баа беришкен. Ал чет элдик 3 академиянын мүчөсү. Көптөгөн эл аралык, региондук жана республикалык илимий-теориялык конференциялардын, тегерек столдордун демилгечиси жана уюштуруучусу. Анкарада, Москвада, Алматыда, Ташкентте жана КМШнын башка шаарларында өткөн эл аралык философиялык конгресстерге жана симпозиумдарга резонанс жараткан илимий билдирүү-докладдар катышып келди. Айрым макалалары чет тилдеринде (англис, немис, жапон, түрк жана кытай тилдеринде) жарык көрдү.

О. А. Тогусаков өзүнүн илимий ишмердүүлүгүн республикабыздын жогорку окуу жайларында окутуучулук иш менен ийгиликтүү айкалыштырды жана Кыргыз Республикасынын илим жана жогорку билим берүү системасы үчүн жогорку квалификациялуу кадрларды даярдоого активдүү катышып келди. Анын жетекчилиги менен 47 кандидат жана11 илимдин докторлору даярдалды. Россия Федерациясынын Санкт-Петербург мамлекеттик экономикалык университети, Иркутск техникалык университети, Новосибирск федералдык техникалык университети, Германиянын Гамбург техникалык университети, Казакстандын көптөгөн университеттери ж.б. эл аралык университеттер менен тыгыз байланышта иш алып барат.

Осмон жары Айнагүл менен үч баланы тарбиялап, эрезеге жеткирди Алар азыр алты неберенин бакытка бөлөнгөн камкор чоң атасы жана чоң энеси.

УДК 699.841(075.8)

***Абобакирова З.А.[1], Умаров Ш.А.[2]***
***Z.A. Abobakirova [1], Sh.A. Umarov[2]***

*PhD, доцент, Ферганского политехнического института[1]*
*PhD, доцент, Ферганского политехнического института[2]*
*Candidate of Technical Sciences, Associate Professor, PhD, Fergana Polytechnic Institute[1]*
*Candidate of Technical Sciences, Associate Professor, PhD, Fergana Polytechnic Institute[2]*

# МЕТОДЫ ПРОВЕРКИ И МОНИТОРИНГА СЕЙСМИЧЕСКОЙ ПРОЧНОСТИ ЗДАНИЙ

# METHODS FOR CHECKING AND MONITORING THE SEISMIC STRENGTH OF BUILDINGS

**Аннотация.** В статье приведены основные сведения о методах и средствах, используемых в настоящее время при надстройке дополнительных этажей к существующим зданиям, оценке сейсмостойкости зданий, рекомендуемых к реконструкции, и определении резервов повышения их сейсмостойкости. В основной части статьи подробно рассказывается о методах учета сейсмических нагрузок при увеличении этажности зданий для организаций, изучающих техническое состояние зданий и сооружений, действующих на территории Республики Узбекистан.

**Ключевые слова:** реконструкция, оценка прочности, надежность эксплуатации, усиление фундаментов, кирпичных стен, железобетонных плит, колонн, балок и металлоконструкций, восстановление надежности.

**Abstract.** The article provides basic information about the methods and tools currently used when adding additional floors to existing buildings, assessing the seismic resistance of buildings recommended for reconstruction, and determining the reserves for increasing their seismic resistance. The main part of the article describes in detail the methods for accounting for seismic loads with an increase in the number of storeys of buildings for organizations studying the technical condition of buildings and structures operating on the territory of the Republic of Uzbekistan.

**Key words:** reconstruction, strength assessment, reliability of operation, strengthening of foundations, brick walls, reinforced concrete slabs, columns, beams and metal structures, restoration of reliability.

**Introduction:** The organization of repair, reconstruction, increase in the number of floors, reconstruction of existing residential buildings, industrial enterprises, social-household and cultural buildings in order to meet the requirements of the present time becomes a state-level policy. This problem requires solving issues such as changing the shape and size of buildings, replacing or strengthening structures, and if possible increasing the number of floors. Perfect repair and reconstruction of buildings and structures in the cities of our country is being carried out rapidly. Perfect repair and reconstruction of existing buildings, reconstruction

of industrial enterprises with modern equipment compared to new construction is done many times cheaper. There are many buildings and structures for reconstruction in the three large cities of Fergana region, Fergana, Kokan and Margilon. Existing buildings in the city of Fergana can be divided into the following periods depending on the time of construction. Capital construction plays an incomparable role in the socio-economic development of any country. In our country, great attention is paid to the development of this sector of the economy at the state level. Many buildings and structures were built in our country during the years of independence.

In the Republic of Uzbekistan, special attention is paid to the issues of reconstruction of existing production enterprises, their technical re-equipment, reconstruction and beautification of factories and their territories based on modern requirements, creation of favorable conditions for workers and employees working in them. a large amount of funds are allocated to these works from the state budget and extra-budgetary sources.

Decrees of the President of the Republic of Uzbekistan, laws adopted by the Oliy Majlis and the Senate aimed at further development of the construction industry, decisions of the Cabinet of Ministers, orders and orders of line ministries have developed specific measures aimed at solving these issues and are being put into practice.

**The main part:** Decision No. PQ-4794 of the President of the Republic of Uzbekistan dated July 30, 2020 "On measures to radically improve the system of ensuring seismic safety of the population and territory of the Republic of Uzbekistan", Republic of Uzbekistan As can be seen from the decisions of the Cabinet of Ministers of June 30, 2021 No. 405 "On the assessment of the seismic strength of buildings and structures and the introduction of the system for the formation of electronic technical passports", this issue is considered to be of national importance.

In recent years, Uzbek scientists in the field of seismology have focused their main fundamental ideas and practical scientific research on the development of specific targeted measures to protect the population and regions from seismic risk and their implementation [1].

Today, ensuring the seismic safety of the population and the territory of the republic and reducing losses by preparing in advance for earthquakes in seismically active zones with a high probability of earthquakes determines the strategic development of the republic in many ways. The research conducted in the field of seismology is aimed at determining the nature of earthquakes, in which it is necessary to determine the laws of manifestation of earthquake detectors, to study the propagation of seismic waves according to the mechanisms and parameters of the earthquake center and their characteristics in the geological environment, various to determine the location of the foci of formation of earthquakes on the seismically active earth faults of the level, the regional variation of the seismic risk and the variation of seismic vibrations depending on the ground conditions on the surface of the earth and their attenuation along the distance, and the seismicity of the regions at different levels focused on risk assessment.

PF-144 of the President of the Republic of Uzbekistan of May 30, 2022 "The concept of improving the system of ensuring seismic safety of the population and territory of the Republic of Uzbekistan until 2025" includes the population living in the seismically active zones of the Republic, various types of buildings and structures and engineering It consists of determining and implementing scientific-practical, programmatic and organizational work until 2025, while determining the strategic directions of protecting infrastructures from seismic risk. It is envisaged that the implementation of the concept will enable the sustainable socio-economic development of Uzbekistan and the rational distribution of available resources in emergency situations. Development of a method of considering seismic loads when increasing the number of floors of buildings

in all regions of Uzbekistan. Preparation of recommendations for ensuring the availability of strength resources and seismic priority and safety.

**Methods of work:** In the complex of these methods, it embodies all the recommendations and calculation works given in the consideration of seismic loads when increasing the number of floors of buildings. The aim is to improve the design quality, reduce the seismic strength of buildings, errors, and time spent in the design. The Republic of Uzbekistan is located in a seismic area, and under the influence of seismic activity, great economic damage can be caused to buildings and our Republic. In particular, Tashkent region and Fergana valley are considered to be regions where earthquakes are repeated more often than other regions of our Republic. These regions are densely populated, and many production enterprises are also located in these regions. Construction of multi-storey residential buildings for the population, increasing the number of floors through the reconstruction of old buildings is also being carried out rapidly in seismic areas.

As can be seen from these data, when adding additional floors to existing buildings, assessing the seismic strength of buildings recommended for reconstruction, and determining reserves to increase their earthquake resistance, it is one of the most urgent issues today. A superstructure is the addition of one or more additional floors to buildings. It is cost-effective while increasing the useful area in buildings:

- eliminates the need for additional land area;

- reduces financial costs;

- does not require solutions to problems related to a number of activities in the construction process:

- construction of foundations, construction of external walls,

- the superstructure does not require improvement works in the area where the building is located;

- constructions of various types and functions are used in capital construction (taking into account the requirements of urban planning standards):

- attics of multi-apartment houses are actively used in densely populated cities: similarly, the third floor of a townhouse, duplex, quadrohaus, lanehouse

- an additional floor of an administrative or office building increases the useful area of the building;

- adding extra floors in industrial buildings allows to increase the production capacity.

Этот аспект, связанный с примордиалистской традицией и классической западной философией, предполагает рассмотрение идентичности, включая этническую, как объективную и врожденную особенность человечества. Примордиализм рассматривает идентичность как неизменную и исходную характеристику, наследуемую от предков, и это понимание основывается на работах таких авторов, как К. Гирц, С. Гринберг, Э. Смит и др.

Классическая западная философия, в частности Гегель и Шеллинг, также привносит свой взгляд на идентичность. В их философии идентичность понималась как субстанциальная сущность, независимая от времени и изменений. Сущность, согласно этому подходу, является незамкнутой и открытой ко всем другим аспектам бытия. Она и отрицает, и утверждает себя, а также превосходит свои собственные ограничения.

Изучение идентичности включает в себя анализ ее формирования и изменчивости, а также роли, которую она играет в социокультурных и политических контекстах. Современные исследования подчеркивают важность учета социокультурного контекста и многообразия исторических, географических и политических факторов, которые влияют на формирование и выражение идентичности.

Онтологическое основание идентичности человека заключается в двойственности его бытия. С одной стороны, индивид отделяется от мира, что является необходимым условием для формирования его сознания о самом себе. Он начинает осознавать свое «Я» и отделяться от внешнего окружения, что позволяет ему развиваться как личности. С другой стороны, индивид также стремится отождествиться с миром, чтобы быть частью общечеловеческой культуры. Он ищет свою причастность к общим ценностям и формам проявления, стараясь приобщиться к ним и участвовать в общественной жизни. Это понимание бытия человека приводит к фундаментальному различию между его текущим состоянием и тем, кем он должен быть. По словам С.Л. Франка «… в состав бытия в абсолютном смысле слова входит не только то, что есть, но и <…> то, что может быть потенциально. <…> … то, что есть в форме стремления к осуществлению» [4]. Такое понимание составляющих абсолютного бытия отражает философскую концепцию потенциала и актуальности. Потенциал представляет собой то, что есть возможностью или способностью к становлению чего-то нового или реализации определенных состояний или качеств. Актуальность же – это то, что уже реализовано или проявлено в жизни индивида.

Человек стремится преодолеть эту онтологическую дуальность путем самоидентификации. Он стремится согласовать свои действия со своим текущим состоянием и с перспективой развития общества. Через

этот процесс самодостраивания, он стремится достичь более целостных, истинных форм проявления своей личности.

Таким образом, идентичность, в своей сущности, является продуктом взаимодействия индивидуального и общественного бытия. Индивидуальность каждого человека формируется и развивается в контексте социальных процессов и отношений. Сартр утверждает, что человеческое «Я» формируется взаимодействием с другими людьми и обществом [1]. Идентичность человека не задана заранее, она определяется его выборами и действиями.

Идентичность человека в проблемном поле онтологического знания можно рассмотреть в следующих аспектах: во-первых, идентичность служит смысловой основой самобытия и постижения реальности. Хайдеггер подчеркивал, что идентичность человека проявляется через его самобытность и взаимодействие с окружающим миром [3]. Во-вторых, идентичность также связана с понятием целостности человека. Она служит основой для формирования и поддержания этой целостности, проявляясь как основополагающий фактор, определяющий саму индивидуальность и её связь с окружающим миром. В-третьих, идентичность выражает причастность индивидуального субъекта к социальному миру. Через идентичность человек чувствует свою связь с определенной социальной группой или некоторым сообществом и считает себя его частью. Она придает субъекту статус бытия, то есть самое присутствие и принадлежность к определенному социальному контексту. Хобсбаум исследовал формирование национальной идентичности в контексте истории и социальных процессов. Он подчеркивал важность культурных и социальных факторов в формировании идентичности нации [5]. И, в-четвертых, идентичность является условием для самоопределения человека, поскольку через нее индивид определяет себя и свое место в мире. Она выступает в качестве основания для коммуникации и деятельности, поскольку формирует основу для общения и взаимодействия с другими людьми внутри социального контекста. Хабермас анализирует взаимосвязь между коммуникацией, обществом и идентичностью [2]. Он утверждает, что общение является основным средством формирования идентичности и развития личности.

Отсюда, можно выделить социокультурные факторы, которые играют важную роль в формировании и конструировании национальной идентичности в современных культурах и цивилизациях. Они оказывают влияние на то, как люди воспринимают себя и свою принадлежность к определенному этносу или нации.

Один из ключевых социокультурных факторов, который формирует национальную идентичность – это язык. Язык является не только средством коммуникации, но и отражением культурных ценностей, традиций и образа жизни определенной нации. Использование родного языка помогает людям укрепить свое чувство принадлежности к своей нации. Язык формирует специфическую концепцию мира и влияет на способы мышления и восприятия окружающей действительности.

Кроме того, религия также играет значимую роль в формировании национальной идентичности. Религиозные верования, обряды и традиции могут стать основой для формирования общности между людьми одной национальности. Верующие люди могут видеть свою религию как часть своей культурной и национальной самобытности. Культурные обычаи и традиции также имеют большое значение в формировании национальной идентичности. Они отражают историческое наследие, менталитет и особенности определенной нации. Такое понимание идентичности включает в себя сложные и взаимосвязанные элементы, которые вместе образуют многомерный феномен идентичности человека. Она охватывает его самосознание, взаимодействие с социаль-

ной средой и влияет на его способность к действию и взаимодействию в мире.

Немаловажным является вопрос о направленности развития онтологии национальной идентичности, которая в современном мире имеет свои особенности и перспективы развития. С учетом глобализации и межкультурных контактов, национальная идентичность, как было отмечено ранее, становится более динамичной и изменчивой. Можно выделить, как минимум, три перспективы развития онтологической составляющей национальной идентичности. Первая перспектива – расширение понимания национальной идентичности. В современном обществе все больше людей определяют себя не только через принадлежность к одному народу или стране, но и через множество других аспектов: язык, религию, культуру, политические убеждения и т. д. Это позволяет создавать новые формы самоидентификации, которые отражают многообразие современного мира. Вторая перспектива – сохранение традиций при адаптации к изменяющемуся окружению. Национальная идентичность может быть основана на глубоких культурных традициях, которые передаются из поколения в поколение. Однако в условиях быстрого развития технологий и перемещений людей по всему миру возникает необходимость адаптировать традиции к новым условиям. Это требует гибкости и открытости, чтобы сохранить ценности и одновременно быть активным участником мирового сообщества. Третья перспектива – создание диалога и взаимодействия между различными культурами.

Отсюда следует, что пространство современных культур и цивилизаций может способствовать как укреплению национального самосознания и поддержанию культурной идентичности, так и ее разрушению. В процессе глобализации и межкультурного обмена неизбежны смешение и взаимное влияние различных культур. Однако сохранение уникальности и самобытности нации имеет важное значение для ее дальнейшего развития и существования.

**Заключение**

1. Национальная идентичность остается одной из основных тем в контексте размышлений о будущем Кыргызской Республики. Теоретические разработки и практические меры по сохранению и развитию национальной идентичности могут играть важную роль в обеспечении устойчивого развития современного общества, а также оптимизации человеческой деятельности в условиях глобальных изменений и специфики современного мира.

2. Исследование национальной идентичности включает анализ ее структурной организованности и динамического развития в контексте социальных изменений. Национальная идентичность играет важную роль в самоопределении человека и формировании его личностных ценностей и принципов. Она является базисной структурой человеческого существования, связывая человека со своим обществом и придавая определенность его самоидентификации.

3. Процесс формирования идентичности человека можно рассматривать как самодостраивание до целостных форм самовыражения. Важно отметить, что этот процесс сложен и продолжается на протяжении всей жизни каждого человека. Он связан с переживаниями, экспериментами, ошибками и достижениями, которые помогают человеку лучше понять себя и свое место в мире.

4. Пространство современных культур и цивилизаций является продуктом множества исторических, социальных, экономических и культурных факторов. Оно отражается в ценностях, убеждениях, обычаях и искусстве национальных сообществ. Современная культура и цивилизация отличаются от предыдущих эпох глобальной связанностью и взаимодействием национальных культур, что приводит к появлению новых мультикультурных явлений и межкультурной коммуникации.

Таким образом, обсуждение и изучение бытия нации, идентификации нации в пространстве современных культур и цивилизаций позволяют более глубоко понять сущность национального сообщества и его место в современном мире. Это позволяет проявлять уважение к разнообразию культур и ценностей, а также находить новые способы сохранения и развития национальных идентичностей, не забывая при этом о важности диалога и взаимопонимания между разными нациями.

**Список использованной литературы:**

1. *Сартр, Ж. П.* Бытие и ничто. Опыт феноменологической онтологии. / Ж.П. Сартр. – М.: Тер-ра-Книжный клуб, 2002. – 640 с.

2. *Хабермас, Ю.* В поисках национальной идентичности. Философские и политические статьи. / Ю. Хабермас. – Донецк: Донбасс, 1999. – 123 с.

3. *Хайдеггер, М.* Бытие и время / М. Хайдеггер; Пер. с нем. В.В. Бибихина. — Харьков: «Фолио», 2003. — 503, [9] с. — (Philosophy).

4. *Франк, С.Л.* Введение в философию. / С.Л. Франк. – СПб.: Абрис-книга, 1993.

5. *Hobsbawm, E. J.* Nations and Nationalism since 1780: Programme, Myth, Reality. Cambridge University Press, 1990.

УДК: 177.8

***Исаков К. А.,***
*философия илимдеринин доктору,*
*Ош мамлекеттик университетинин профессору*

***Kubanychbek ISAKOV (baba adı: Abdıkadır)***
*Prof. Dok., Oş Devlet Üniversitesi, Felsefe Bölümü Oş şehri*

***Жалалова Т.А.,***
*Ош мамлекеттик университетинин аспиранты*

***Celalova Tazagul Abdillaevna,***
*Oş Devlet Üniversitesi Mezunu*

## АМОРАЛДУУЛУК (АМОРАЛИЗМ) ГЛОБАЛДУУ ПРОБЛЕМАЛАРДЫН ДЕТЕРМИНАНТЫ

## AHLAKSIZLIK KÜRESEL SORUNLARIN BELIRLEYICI ETKENIDIR

**Аннотация.** Жашоодо адам баласы өзү билип туруп жасап жаткан терс аракет-касиеттери кайра эле келип өздөрүнө чоң маселе болуп жаралары белгилүү. Чындыгында аморалдуулук, нравалык касиеттердин деградацияланышы глобалдуу проблемалардын жаралуу себеби (детерминанты) экендиги диалектикалык чындык катары авторлор тарабынан макалада илимий далилдүү фактылардын негизинде берилген.

**Негизги сөздөр:** аморализм, антикалык мезгил, глобалдуулук, детерминант, дүйнөлүк катастрфа, император, планетардык апокалипсис, короновирус, кыямат, сфинкс.

**Özet.** Hayatta insanoğlunun bilerek yaptığı olumsuz eylemlerinin kendisine geri döndüğü ve onun kendisi için büyük bir sorun haline geldiği görülmektedir. Aslında ahlaksızlığın, ahlaki niteliklerin bozulmasının küresel sorunların nedeni (belirleyici) olduğu gerçeği, yazarlar tarafından bu makalede bilimsel olarak kanıtlanarak, gerçeklere dayanan deliller ile sunulmuştur.

**Anahtar kelimeler:** ahlaksızlık, antik çağ, küreselcilik, belirleyici, dünya felaketi, imparator, gezegensel kıyamet, koronovirüs, kıyamet, sfenks.

Бүгүнкү коомдук турмуш дүйнө элдерин өтө тез, кескин түрдө өйдө-төмөн бушайманга (проблемага) салып койду. Адамзат планетасын COVD-19 (Короновирус) аталыштагы өзү көрүнбөгөн ажыдаар сымал апаат бүтүндөй адамзатты ойго салып, адам баласы андан кантип кутулуунун айлаамалын изилдеп жаткан чагы. Бул болсо бүгүнкү күндөгү глобалдуу проблемалардын эң орчундуусу болуп саналат. Бары-жоктун ээси “Адам”, жаратуучу да, кыйратуучу да “Адам” деген Марксизмдик концептуалдуу жобону бүгүнкү кырдаал бир чети далилдеп турса, бир чети төгүндөп олтурат. Мына ушул контексте бүгүнкү сиздер менен биздин илимий сухбатыбыз да ушул нукта уланмакчы.

Günümüz toplumsal yaşamı, dünya insanlarını çok hızlı ve keskin iniş çıkışlara (sorunlara) sokmuştur. İnsan gezegeni COVD-19 (Coronovirus) adındaki görünmez bir ejderha gibi felaket ile karşı karşıya kalarak, bu tüm insanlığın kara kara düşüncelere dalmasına ve ondan kurtulmanın yollarını aramasına neden olmuştur. Bu, günümüzün en önemli küresel sorunlarından biridir. Bugünkü durum, “İnsan”ın her

şeyin sahibi olduğu, "İnsan"ın hem yaratan hem de yok eden olduğu" şeklindeki Marksist anlayışı hem ispatlıyor hem de çürütüyor. Bugün sizlerle bilimsel sohbetimiz bu noktada devam edecektir.

Мен өзүмдүн илимий баяндамамды бир тарыхый мисал менен баштагым келип турат. Антикалык мезгилде байыркы Рим дүйнөлүк цивилизациянын (маданияттын) чордону болуп, байыркы Грек маданияты менен эриш-аркак жашап, башка элдерге да өз таасирлерин тийгизишип келген. Мындай улуу адамзаттык маданият, кайталангыс, айтып-бүткүс тарых экендигин жакшы билебиз. Ошол кездеги Рим империясынын территориясы Жер Ортолук деңизинен тартып, Европа (Батыш Европа толугу менен), Азия, Африка континенттери жана азыркы Улуу Британиянын бир бөлүгүн ээлеп турган. Мына ушундай күч-кубаттуу, өнүккөн маданиятка ээ болгон улуу империя 395-жылы император Фиодосий I нин тушунда кыйроого учурайт. Изилдөөчүлөр мындай улуу дөөлөттүн кыйроо себептерин ар кандай жоромолдошот. Бирок айрым так илимий далил-фактыларга таянсак анын кыйрап жок болуусунун эң негизги себеби: ошол Рим империясындагы элдердин, айрыкча эл башкарган төбөлдөрдүн моралдык-нравалык жактан кескин түрдө өтө бузулушу, чектен чыгып кеткендиктерин айгинелешүүдө.

Ben bu bilimsel yazıma tarihsel bir örnekle başlamak istiyorum. Antik çağda antik Roma, antik Yunan kültürüyle bir arada varlığını sürdüren ve diğer halklar üzerinde de büyük bir etkiye sahip olan dünya uygarlığının (kültürünün) merkeziydi. Böylesine büyük bir insan kültürünün eşsiz ve tarif edilemez bir tarih olduğu herkesce bilinen bir gerçektir. O zamanlar Roma İmparatorluğu'nun toprakları, Akdeniz'den Avrupa'ya (tüm Batı Avrupa), Asya'ya, Afrika'ya ve günümüz Büyük Britanya'sının bir kısmına kadar uzanıyordu. Bu kadar güçlü ve gelişmiş bir kültüre sahip olan bu büyük imparatorluk, 395 yılında İmparator I. Feodosius döneminde yıkılmıştır. Böylesine büyük bir imparatorluğun çöküşünün nedenleri konusunda araştırmacıların farklı yorumları var. Ancak bazı kesin bilimsel kanıtlara dayanacak olursak, Roma İmparatorluğu'nun çöküşünün asıl nedeni, İmparatorluğu'nun halkının, özellikle halkı yöneten soyluların ahlaki açıdan ciddi şekilde yozlaşmış olmaları ve çok ileri gitmeleri olmuştur.

Сөзүбүз супсак болбошу үчүн мына буларды далил катары айтууну эп көрүп олтурам: **"Разумеется, при таком размере империи во многих местах процветала коррупция, особенно Рим был заражен ею – большинство влиятельных чиновников. Многие граждане империи предпочитали проводить целые дни в вредных занятиях: застольях, развратных оргиях, чрезмерном потреблении вина"** – деп орус окумуштуусу В.Б. Миронов "Древний Рим" аттуу китебинин "Крах и падения Римской империи" деген бөлүгүндө таамай белгилеген [2, с. 257].

Sözümüz tatsız olmaması için aşağıdakileri delil olarak söylemeyi doğru buluyorum: **"Tabii ki, imparatorluğun bu boyutuyla, birçok yerde yolsuzluk gelişti, özellikle yolsuzluk Roma'yı, Roma'nın güçlü yetkililerini zehirledi. İmparatorluğun birçok vatandaşı bütün günleri zararlı şeyler yaparak geçirmeyi tercih etti: ziyafetler, ahlaksız seks partileri, aşırı şarap tüketimi"** – diyor Rus bilim adamı V.B. Mironov, "Antik Roma" adlı kitabının "Roma İmparatorluğu'nun Çöküşü" adlı bölümünde [2, 257 s.].

Эми кептин ток этерине келсек, адам баласына баары жетиштүү болуп турса да эч нерсеге канааттанбастан инсандык чектен чыгып кеткен ыплас көрүнүштөргө барып, өздөрүнө чоң мүшкүлдү жаратаары жогорудагы биз келтирген мисалдын өзү муну сыпаттап жатпайбы. Ошондуктан немец философу А. Шопенгауэр да өзүнүн "Мир как воля и представления" деген эмгегинде **"Потребность человека без ограничено, когда ему все достаточна – он входит из струны воли"** – деп белгилегендей [5, с. 347], барчылык (ашыкча байлык, обу жок ашкере бийлик) адамды инсандык сапаттан арылтып, айбан сымал

абалга алып келери акыл-эстүү адамга белгилүү.

Şimdi meseleye gelince, insanların şu anda sahip oldukları herşey yeterli olsa bile daha fazlasını istemeleri, hiçbir şeye doymadan, kişisel sınırları aşan kirli işlere bulaşmaları ve sonuçta bunun o insanın kendisi için büyük problemler yaratmakta olduğu yukarıda verdiğimiz örnekten görülmektedir. Bununla ilgili olarak Alman filozofu A. Schopenhauer “ İrade ve Temsil Olarak Dünya” adlı eserinde “Bir insanın ihtiyacı sınırsızdır, her şey onun için yeterli olduğunda – o kendi iradesiye daha fazlasına sahip olmaya çalışır” [5, 347 s.] – diye belirttiği gibi, varlığın (aşırı zenginliğin, sebepsiz aşırı güçün) bir insanı onu insan yapan niteliklerinden mahrum ederek, onu hayvansı bir duruma getireceğini aklı başında herkes anlayabiliyor.

Ошондуктан, улуу жазуучубуз Ч. Айтматов да **“акыреттин соту, анын догматтарысыз эле, адамзат тарыхында эбактан бери болуп келет. Мындай жагдай-кырдаалды адам өзү жаратат. Адамгерчилик жадырап гүл ачкан чыныгы жаркын тарых жер жүзүндө али баштала элек. Ааламды апат кылчу кыямат кайым кудайдан эмес, бөөдө кырсыктардан эмес, адамдардын өздөрүнүн араздашып касташуусунан болот. Ошон үчүн, эртең Кудай кандай – жакшы же жаман, ырайымдуу же ырайымсыз болобу – ал кишилердин өзүнөн. Ал анткени, адам өз өмүрүнүн ар бир күнүнө өзү ээ, өзү сот”** [1, 261 б.]. «Кыямат» романындагы аморалдуулуктун терең философиялык-көркөм жалпылоосунун маани-маңызы мына ушундай сыпатталат.

Bu bağlamda büyük yazarımız C. Aytmatov, “**Ahiret yargısı, onun dogmaları olmadan bile uzun zamandır insanlık tarihinde yer almaktadır. Böyle bir durum bir kişinin kendisi tarafından yaratılır. İnsanlığın geliştiği parlak bir tarih henüz yeryüzünde başlamadı. Evreni yok edecek olan kıyamet, tanrıdan değil, doğal afetlerden değil, insanların kendi aralarındaki çekişme ve düşmanlıklardan kaynaklanacaktır. Bu nedenle, Tanrı’nın yarın nasıl olacağı -iyi ya da kötü, iyiliksever ya da merhametsiz olacağı- o insanların kendilerinden kaynaklanır. Çünkü insan hayatının her gününe kendisi sahip ve kendisi yargıçtır**” [1, 261 s.] **-** diyor. “Kıyamet” romanındaki ahlaksızlığın derin felsefi ve sanatsal genellemesinin anlamı bu şekilde tarif edilebilir.

Жалпы адамзатка тийиштүү болгон интеллектуалдык-эстетикалык жаралуу салтка жана гуманистик руханий-маданий наркка таянуу аркылуу Ч. Айтматов дагы Сфинкс сыяктуу өзүнө өзү, ошондой эле, жер жүзүндө жашаган пенделердин баарына “Адам баласы канткенде адам болот?”, “Канткенде пейил оңолот?” деген түбөлүктүү суроону кайра-кайра какшанып коёт. Улуу көрөгөч жазуучунун чыгармаларында **Аалам – Адам - Жаратылыштын** органикалык биримдиги ар бир чыгармасында баамдалат. Мына ушунан улам **“Адам баласынын бирибирине болгон кыянатчылыгы күчөп, адамдык сапатын жоготкондо жана айлана-чөйрөгө калпыс мамиле жасаган мезгилде адам баласы жырткычка айланат. Ушул “Дүйнөлүк катастрофа”. Мына ушунун өзү “Кыямат”** - деп айтылат [1, 262 б.]. Демек, улуу ойчул белгилеген диалектикалык биримдик да түбөлүктүү эмес экен. Мындай ажырымга кириптер болууга адамзат өзү себепкер (детерминант) турбайбы.

Ortak insanlığa ait entelektüel-estetik geleneğe ve hümanist manevi-kültürel değere dayanarak Cengiz Aytmatov da Sfenks gibi kendine ve yeryüzünde yaşayan tüm insanlara “Bir insan nasıl insan olabilir?” İnsanın huyu nasıl düzelir? gibi ebedi soruyu tekrar tekrar soruyor. Büyük vizyon sahibi yazarın eserlerinde **Evren - İnsan – Doğa’nın** organik birliği onun her eserinde görülmektedir. Bu nedenle, “**İnsanların birbirine ettikleri ihanet artarak, insani niteliklerini yitirdiklerinde ve çevreye adaletsiz davranmaya başladıklarında, insan birer canavara dönüşüyor”. Bu “dünya felaketi’dir”. Buna “Kıyamet” denir** –diyor [1, 262 s.]. Demek ki, büyük düşünürün belirttiği diyalektik birlik de ebedi değildir. Böyle bir boşluğun nedeni (belirleyicisi) insanın kendisidir.

Орус окумуштуусу И.А. Родионова **“Источник глобальных проблем – это демографические проблемы”** дегендей [4, с. 65], учурда кириптер болуп кептелип калган оор кырдаалга жогорудагыларды эске алып, менин жеке пикиримде өзүбүз (адам баласы) себепчибиз. Муну биз өз турмушубуздагы болуп жаткан мисалдардан көрүп жатабыз го. Бары-жокко каниет, топук кылбастан, көрө албастык, ушакчылык, карөзгөйлүк, алдамчылык, текеберчилик, теңсинбөөчүлүк, адилетсиздик, эки жүздүүлүк, кошоматчылык, сабырсыздык, ыймансыздык, ынсапсыздык, мансапкорлук, ачкөздүк ж.б. у.с. киши нравасына жатпаган адамга тиешелүү жат элементтер коомубузду сары чырмоок сыяктуу каптап кирип, бууп салды. А мындай жагдай глобалдуу проблемалардын жаралуусунун негизиги себеби (детерминанты) болуп саналат.

Rus bilim adamı I.A. Rodiyonova’nın dediği gibi, **“Küresel sorunların kaynağı demografik sorunlardır”**[4, 65 s.], yukarıda bansı geçenleri dikkate alacak olursak, benim fikrime göre, şu anda içinde bulunduğumuz zor durumun nedeni biziz (insanlar). Bunu hayatımızda yaşanan örneklerden görüyoruz ya. Var’a da yok’a da şükür etmemek, az’a kanaat etmemek, kıskançlık, dedikodu yapmak, iftira atmak, aldatmak, kibir, küçümsemek, adaletsizlik, ikiyüzlülük, dalkavukluk, sabırsızlık, dinsizlik, sahtekârlık, kariyercilik, açgözlülük gibi insan doğasına ait olmayan yabancı unsurlar toplumumuzu sarı sarmaşık gibi sarmış, boğmaktadır. İşte bu durum, küresel sorunların ana nedenidir (belirleyicisidir).

Эми сөзүмдүн соңунда Рим клубунун (абройлуу эл аралык футурологиялык уюм) мурдагы президенти, Италиялык окумуштуу жана коомдук ишмер А. Печчеи өз убагында мындай деп белгилеген: **«Дүйнөдө эч качан мынчалык башаламандык өкүм сүргөн эмес жана эч качан ааламда азыркыдай албан (масштабдуу) алаамат коркунучтар болгон эмес. Буга дейре адам баласынын жан дүйнөсү мынчалык дүрбөлөңгө түшкөн эмес». Булардын баардыгына адам баласынын жан дүйнөсүнүн деградацияланышы себеп болуп жатат”** – деп таамай-таасын белгилеген [3, с. 298]. Ошондуктан урматтуу акыл-эске ээ болгон адамзат! Пейлибизди оңдоп, напсибизди тыйбасак, планетардык апокалипсистен эч качан арылбайбыз.

Konuşmamın sonunda, Roma Kulübü (prestijli uluslararası fütüroloji organizasyonu) eski başkanı, İtalyan bilim adamı ve toplum eylemcisi A. Peccei kendi zamanında böyle demiştir: “**Dünya hiçbir zaman böyle bir karmaşa içinde olmadı; ve dünyada daha önce hiç bu kadar yıkıcı tehditler olmamıştı. Daha önce insanın ruhu bu kadar tedirgin olmamıştı.” Bütün bunlara insan ruhunun bozulması neden oluyor** –diye açık bir şekilde belirtmiştir [3, 298 s.]. Bu nedenle sevgili, akıllı insanoğlu, sana sesleniyorum! Kendimizi değiştirmezsek ve ihtiras ve açgözlülüğümüzü yok etmezsek, gezegensel kıyametten asla kaçamayız.

**Адабияттар:**


1. *Айтматов Ч.Т.* Чыгармаларынын жыйнагы. 5-том. Роман, аңгеме. /Түз. А.Акматалиев. – 2-бас. – Б.: Бийиктик, 2009. – 504 б.
2. *Миронов В.Б.* Древний Рим. – М.: 2007. – 752 с.
3. *Печчеи А.* Человеческие качества. – М.: Прогресс, 1985. – 313 с.
4. *Радионова И.А.* Глобальные проблемы человечества. Пособие для учащихся и студентов, – 2-е изд., испр. и доп. – М.: Аспект Пресс, 1995. – 159 с.
5. *Шопенгауэр А.* Мир как воля и представления. Переводчик: Ю.И. Айхенвальд. – М.: ЛитРес, 2020. – 670 с.

**Kaynaklar:**

1. *Aytmatov C.T.:* Eserler toplamı. Cilt 5. Roman, hikaye. / Hazırl. A. Akmataliev. – 2. baskı. - Bişk.: Biyiktik, 2009. - 504 s.
2. *Mironov V.B. :* Antik Roma. - Mosk.: 2007. - 752 s.
3. *Peccei A.:* İnsani nitelikler. - Mosk.: Progress, 1985. - 313 s.
4. *Radyonova I.A.:* İnsanlığın küresel sorunları. Öğrenciler için el kitabı, - 2. baskı, ilave ve düzeltmeler ile beraber. - Mosk.: Aspect Press, 1995. - 159 s.
5. *Schopenhauer A. :* İrade ve Temsil Olarak Dünya. Tercüman: Y.I. Eichenwald. - Mosk.: LitRes, 2020. - 670 s.

УДК 327

***Мамытов Т.Б.***

*саясий илимдеринин доктору, КР УИАнын Мамлекет жана укук институтунун саясий изилдөөлөр жана экспертиза бөлүмүнүн башчысы*

***Мамытов Т.Б.***

*д.п.н., заведующий отделом политических исследований и экспертиз Института государства и права НАН КР*

***Mamytov T.B.***

*doctor of political sciences, head of the department of political research and expertise of the Institute of State and Law of the National Academy of Sciences of the Kyrgyz Republic*

***Карабаев Ж.Э.***

*аспирант, КР УИАнын Мамлекет жана укук институтунун саясий изилдөөлөр жана экспертиза бөлүмүнүн илимий кызматкери*

***Карабаев Ж.Э.***

*аспирант, научный сотрудник отдела политических исследований*

*и экспертиз Института государства и права НАН КР*

***Karabaev Zh.E.***

*Researcher of the department of political research and expertise of the Institute of state and law of the National Academy of Sciences of the Kyrgyz Republic*

# АЗЫРКЫ ТАПТАГЫ ТҮРКИЯНЫН ТЫШКЫ САЯСАТЫ

# СОВРЕМЕННАЯ ВНЕШНЯЯ ПОЛИТИКА ТУРЦИИ

# MODERN FOREIGN POLICY OF TURKEY

**Аннотация.** Дүйнөлүк практика көргөзгөндөй, бир да улуу держава союздаштарысыз ийгиликке жете алган эмес. Держава болууну көздөгөн өлкө өз максатын союздаштарына таянуу менен ишке ашырууга умтулат.

Түркия – глобалдык держава болууну каалаган жана бул үчүн тиешелүү ресурстары толук жетишсиз болгон күчтүү мамлекеттердин бири. Андыктан учурда Түркиянын тышкы саясатына, андагы неоимпериализм (неосманизм), пантюркизм жана панисламизмдин белгилерине кылдат талоо жүргүзүү маселеси курчуп турат.

Теманын актуалдуулугу учурдагы Түркиянын тышкы саясаттагы ролу күчөп, геосаясаттагы негизги акторлорго атаандаштык түзүүсү менен мүнөздөлөт. Макалада азыркы таптагы Түркиянын 2002-жылдан азыркы күнгө чейинки тышкы саясатына концептуалдуу анализ жүргүзүлгөн. Өзгөчө Түркиянын Борбор Азия, Балкан жарым аралы,

Жакынкы Чыгыш жана Африка мамлекеттериндеги таасирине, тактап айтканда, геосаясий күрөштөгү көйгөйлөрүнө жана мүмкүнчүлүктөрүнө, ошондой эле Түркиянын Америка Кошмо Штаттары жана Орусия Федерациясы менен болгон мамилелерине көңүл бөлүнгөн.

**Негизги сөздөр:** тышкы саясат, Осмон империясы, неоимпериализм, интеграция, идеология, таасир, геосаясий кызыкчылык, проект, экономика, максат.

**Аннотация.** Как показывает мировая практика, ни одна великая держава не сможет добиться успеха без союзников. Страна, которая стремится стать державой, стремится достичь своей цели, опираясь на своих союзников.Турция – одна из могущественных стран, которая хочет стать мировой державой и не имеет для этого достаточно ресурсов. Поэтому в настоящее время остро стоит проблема тщательного исследования внешней политики Турции, признаков неоимпериализма (неоосманизма), пантюркизма и панисламизма в ней. Актуальность темы характеризуется возрастающей ролью Турции во внешней политике и конкуренцией с основными игроками геополитики. В статье представлен концептуальный анализ внешней политики современной Турции с 2002 года по настоящее время. Особое внимание было уделено влиянию Турции в странах Центральной Азии, Балканского полуострова, Ближнего Востока и Африки, а именно проблемам и возможностям в геополитической борьбе, а также отношениям Турции с Соединенными Штатами Америки и Российской Федерацией.

**Ключевые слова:** внешняя политика, Османская империя, неоимпериализм, интеграция, идеология, влияние, геополитический интерес, проект, экономика, цель.

**Abstract.** As world practice shows, not a single great power can achieve success without allies. A country that aspires to become a power seeks to achieve its goal by relying on its allies. Turkey is one of the powerful countries that wants to become a world power and does not have enough resources for this. Therefore, at present, the problem of a thorough study of Turkey's foreign policy, signs of neo-imperialism (neo-Ottomanism), pan-Turkism and pan-Islamism in it is urgent. The relevance of the topic is characterized by the growing role of Turkey in foreign policy and competition with the main players in geopolitics. The article presents a conceptual analysis of the foreign policy of modern Turkey from 2002 to the present. Particular attention was paid to Turkey's influence in the countries of Central Asia, the Balkan Peninsula, the Middle East and Africa, namely the problems and opportunities in the geopolitical struggle, as well as Turkey's relations with the United States of America and the Russian Federation.

**Keywords:** foreign policy, Ottoman Empire, neo-imperialism, integration, ideology, influence, geopolitical interest, project, economics, goal.

Түркиянын азыркы таптагы аймагы I дүйнөлүк согушта Осмон империясынын жеңилишинин натыйжасында калыптанганы баарыбызга маалым. Мустафа Кемал Ататүрктүн жүргүзгөн улутчулдук саясатынын негизинде 1923-жылы Түркия эгемендүү республика болуп түзүлгөн.

Мустафа Кемал Ататүрктүн жүргүзгөн саясатын Түркиянын лидердери жана эли азыркы күнгө чейин идеал тутуп келет. Түркия Республикасы Мустафа Кемал Ататүрк тарабынан түзүлгөн «Өлкөдө тынчтык, дүйнөдө тынчтык» принцип катары калыптанып калган ураанды туу тутуу менен тышкы саясатын жүргүзүп келери белгилүү.

Учурда Түркия ишкердик өлчөмүнүн бир бөлүгү катары бири-бирин толуктаган ар кандай саясий, экономикалык, гуманитардык жана маданий куралдарды колдонуп, дүйнөнүн ар бир бурчунда

жергиликтүү деңгээлде иш алып баруу менен глобалдуу ойлонгон дипломатияны улантууда. Дүйнө жүзү боюнча 260 чет элдик өкүлчүлүк менен Түркия 5-чоң чет элдик өкүлчүлүк тармагына ээ. Ондогон өлкө менен жогорку деңгээлдеги кызматташтык кеңештерин, бир нече өлкө менен өкмөттөр аралык саммиттерди, үч тараптуу жана көп тараптуу аймактык түзүмдөрдү камтыган кеңири глобалдуу кызматташтык тармагынын да башын жетектеп келет. Өлкө Балкан жарым аралынын, Жакынкы Чыгыштын жана Түндүк Африканын, Түштүк Кавказдын, Түштүк жана Борбордук Азиянын мамлекеттери менен тыгыз байланышты чыңдоону улантууда. Түркия коңшу аймактар менен эле чектелбестен, Африкадагы өнөктөштүк саясатын тынымсыз тереңдетип, Латын Америкасы жана Кариб деңизиндеги байланыштарын кеңейтүүдө. Түркия бир учурда Чыгыш менен да, Батыш менен да стратегиялык карым-катнаштарын бекемдеп, мындан аркы байланыштарын өнүктүрүүнү максат кылууда. Түркия ТАКУ (НАТО) боюнча өнөктөшү болгон Америка Кошмо Штаттарынын стратегиялык өнөктөшү жана трансатлантикалык байланыштар Европанын коопсуздугу жана гүлдөп-өсүшү үчүн өтө маанилүү деп эсептейт. Түркия ТАКУнун активдүү мүчөсү катары «коопсуздуктун бөлүнбөстүгү» бло-гунун негизги принцибине олуттуу салым кошуу менен бирге альянстын операцияларына эң көп колдоо көрсөткөн алдыңкы беш өлкөнүн бири. Ошондой эле ТАКУнун каржылоосуна эң көп салым кошкон сегиз өлкөнүн катарына кирет.

Аймактык маселелерде Түркия аймактык кызыкчылыктарды жана чечимдерди коргойт. Түркия Кара деңиз экономикалык кызматташтык уюму, Түштүк-Чыгыш Европа кызматташтык процесси жана Экономикалык кызматташтык уюму сыяктуу бир нече регионалдык уюмдардын жана демилгелердин негиздөөчү мүчөлөрүнүн бири, ошондой эле Ислам кызматташтык уюму, «Ислам сегиздиги» (D-8), Түрк тилдүү мамлекеттердин биримдиги, МИКТА (Мексика, Индонезия, Түштүк Корея, Туркия жана Австралия) G20, Экономикалык кызматташтык жана өнүктүрүү уюму жана башка беделдүү эл аралык уюмдардын активдүү мүчөсү жана Европа Биримдигинин мүчөлүгүнө талапкер болуп саналат.

Мындай өңүттөгү Түркиянын тышкы саясаттагы жигердүүлүгү мурдагы империалисттик саясатын жандандырууну көздөгөнүн, т.а., неоимпериалисттик амбициясынын күчөп жатканын билдирет.

Түркиянын жигердүү саясатын терең изилдөөдөн мурда империализм менен неоимпериализмге терең талдоо жүргүзүү зарыл.

Империализм – аймактарды басып алууну, колонияларды түзүүнү, башка өлкөлөргө саясий же экономикалык көзөмөл орнотууну камтыган тышкы саясий экспансиянын ар кандай формалары үчүн аскердик күчтү колдонууга негизделген мамлекеттик саясат.

Ал эми неоимпериализм – империялык тышкы саясий практиканын атайылап жанданганын билдирген, бирок кайра өзгөртүлгөн формадагы мамлекеттик саясат деп түшүнсөк болот.

Неоимпериализмди көздөгөн мамлекет мурдагы империялык мейкиндикте дароо формалдуу түрдө калыптанууга умтулбастан, ага алгач экономикалык, маданий, символикалык жана саясий жактан сүңгүп кирүүгө умтулат. Бирок империя бийлигин орнотууга аракет жасаса, ал эми неоимперияны көздөгөн мамлекет алгач таасирин күчөтүүгө басым жасайт.

Империалисттик саясатта аймактык мейкиндиктерди багынтууда чек болбосо, неоимпериалисттик саясаттын баштапкы этабында тескерисинче, аймактык мейкиндиктер чектелүү болот. Башкача айтканда, империя бийлигин орнотууга аракет жасаса, ал эми неоимперияны көздөгөн мамлекет

алгач таасирин күчөтүүгө басым жасайт. Ошондуктан Түркия алгач мурдагы Осмон империясынын таасири астында турган мамлекеттер менен соода-экономикалык, маданий-гуманитардык жана аскерий-техникалык байланыштарды түзүү аркылуу өзүнүн таасирин орнотууга далалат кылат.

Азыркы таптагы Түркиянын тышкы саясаттагы жетишкендиктерине Р.Т. Эрдогандын салымы абдан чоң. Анткени тышкы саясатта Түркия Экинчи дүйнөлүк согуштан баштап Батыш блогуна жакын болуп, нейтралдуу жана жумшак саясат жүргүзүп келген болсо [1, 15-б.), 2002-жылы Р.Т. Эрдогандын Адилеттүүлүк жана өнүгүү партиясы (Adalet ve Kalkınma Partisi) парламенттик шайлоодо эң көп добуш менен жеңип келгенден баштап Түркиянын тышкы саясатынын нугу дароо өзгөрө баштаган.

Эрдогандын тышкы саясаттагы багыты анын премьер-министр болгон кезинде эле аныкталган. Атап айтканда, Эрдогандын багыты ошол кездеги тышкы саясат боюнча кеңешчиси Ахмед Давутоглу тарабынан иштелип чыккан «Стратегиялык терендик» доктринасы менен аныкталган. «Стратегиялык тереңдик» доктринасынын негизин тарыхый түпкүлүккө кайтуу, башкача айтканда, тарыхый, диний жана маданий жактан байланышы бири-бирине жакын болгон мамлекеттерди кайрадан бириктирүү маселеси түзөт.

«Стратегиялык терендик» доктринасынын негизги пункттарынын бирине айланган тарыхый түпкүлүккө кайтуу принциби боюнча Түркия мусулман дүйнөсүнүн өлкөлөрү менен болгон маданий жана менталдык туугандыгын таанып, бул тарыхый байланыштарды өлкө үчүн пайдалуу өнөктөштүккө айландырышы керек. Ошондуктан Анкара Жакынкы Чыгыш, Борбор Азия, Африка жана Балкан аймагынын өлкөлөрүнө чоң көңүл буруп, активдүү инвестиция салып, ар кандай байланыштарды түзө баштады.

«Стратегиялык тереңдик» доктринасынын дагы бир маанилүү өңүтү – пантюркизм саясаты, тактап айтканда, Түркиянын башка түрк элдери менен болгон мамилелерин активдүү өнүктүрүү. Түркия түрк тилдүү мамлекеттер менен болгон мамилелерди чындоого, тереңдетүүгө өзгөчө басым жасайт. Буга далил катары Түркиянын Түрк тилдүү мамлекеттердин уюму, TİKA, Ислам кызматташтык уюму сыяктуу эл аралык уюмдардын алкагында кызматташтык алакаларын кеңейтүү үчүн жасап жаткан аракеттерин атоого болот.

Түркия түрк тилдүү мамлекеттерге гана эмес, жалпы түрк тилдүү элдерге да жардам берип, колдоо көрсөтүп келет. Мисалы, Крым жарым аралынын Орусия тарабынан аннексияланышынан жана оккупацияланышынан жабыр тарткан Крым татарларына көрсөткөн Түркиянын колдоосун айтпай коюуга мүмкүн эмес. Түркия пантүркизм саясатынын алкагында Крым та-тарларын активдүү колдоп келет.

Жогоруда белгиленгендей, 2005-жылдан баштап Түркия Европа Биримдигине мүчө болууга жигердүү аракет кылып келет. Бирок аракеттеринен азыркыга чейин эч майнап чыга элек. Буга Түркиянын тышты саясаттагы гегомондук амбициясы, тактап айтканда, неоим-периалисттик саясаты тоскоол болуп келет.

2014-жылдын август айында Р.Т. Эдоган президент болгондон тартып Түркия авторитардык режимге ыктап, тышкы саясаты мурдагыдан да өзгөрүп, дүйнөлүк саясаттагы ролу өскөн.

Түркиянын Азия менен Европанын ортосунда жайгашышы, басып өткөн тарыхый орду, диний жана маданий байланыштары Борбор Азия, Кавказ, Европа Биримдиги, Жер ортолук деңиз, Жакынкы Чыгыш, Балкан жана Африка аймактарына өзүнүн таасирин тийгизүүгө жол ачты. Мындан сырткары, G7 жана G20 дүйнө мамлекеттеринин глобалдык

платформаларында татыктуу ордун ээлеп, эл аралык аренада олуттуу ийгиликтерге жетишти. Ошол эле учурда Түркия чоң ислам дүйнөсүнүн маанилүү бөлүгүнө айланды жана ислам мамлекеттери менен тирешүүдөн качууга умтулууда. Муну акыркы 10 жылда Иран жана айрым араб өлкөлөрү менен өнүгүп келе жаткан саясий байланыштары далилдейт.

Түркия мүмкүнчүлүгүнө жараша кызматташуунун аскерий-саясий, соода экономикалык, маданий-гуманитардык багыттары аркылуу түрдүү механизмдерди колдонуу менен өзүнүн саясатын жигердүү жүргүзүүдө.

Түркиянын тышкы саясаттагы аскерий-саясий байланыштарын күчөткөн аракеттерин байкоого болот. Мисалга алсак, Түркия Азербайжанда, Иракта, Ливияда жана Сирияда аскердик интервенция жүргүзүп, Украина, Эфиопия, Кыргызстан ж.б. өлкөлөрдү учкучсуз учуучу аппараттар менен камсыздоо аркылуу таасирин кеңейтип келет. Жалпы жонунан Түркиянын 10дон ашык чет аймакта (Азербайжан, Босния жана Герцеговина, Кипр, Ирак, Ливан, Ливия, Жер ортолук деңизи, Катар, Сербия, Сомали жана Сирия) аскердик кийлигишүүсүн байкоого болот.

Түркия тышкы саясатта негизинен жалпы маданий жана тарыхый байланыштары бар болгон Борбор Азияга, Жакынкы Чыгышка жана Балкан жарым аралына көбүрөөк басым жасайт. Анткени Түркия өзүн тарыхый Осмон империясынын мураскору катары бул аймактарды мусулмандардын державасы (аймактык күчү) катары стратегиялык ролду ойной алат деп эсептейт [2].

Борбор Азия аймагы Түркиянын тышкы саясатында маанилүү орунду ээлейт. Түркия Борбор Азия аймагындагы таасирин кеңейтүүгө багытталган институционалдык базасын 2009-жылдан тарта түзө баштаган. Анткени дал ушул жылы Түрк тилдүү мамлекеттердин кызматташтык кеңеши (2021-жылдын 12-ноябрында Түрк мамлекеттер уюму болуп өзгөргөн) түзүлгөн. Бул кеңешменин курамына Азербайжан, Казакстан, Кыргызстан, Түркия жана Өзбекстан кирет [3].

Түркиянын Борбор Азиядагы ар тараптуу таасири жылдан жылга өсүп келет. Буга Борбор Азия мамлекеттеринин Анкара менен гуманитардык жана инвестиция тармагында кызматташууга кызыгуусунун күчөгөндүгү түрткү болгон. Бир нече жылдан бери Түркия менен Борбор Азия аймагындагы өлкөлөрдүн ортосунда авиациялык каттамдарды ачуу, бизнес-форумдарды өткөрүү, инвестиция тартуу сыяктуу көптөгөн бизнес долбоорлор ишке ашырылып келет. 2010-жылы Түркия менен Борбор Азия мамлекеттеринин ортосундагы товар алмашуунун көлөмү 6,5 млрд долларды түзсө, 2022-жылы 11,3 млрд долларга жеткен [4].

Түркиянын тышкы саясатынын кызыкчылыгындагы аймактардын катарына Жакынкы Чыгыш аймагы да кирет. Түркия Жакынкы Чыгыш аймагындагы мамлекеттерде туруктуулук орношун каалайт. Р.Т. Эрдоган өзүн Ислам дүйнөсүнүн лидери катары көргүсү келген амбициясынын эске алганда, бул аймак Түркия үчүн абдан маанилүү.

Акыркы мезгилде Түркия Сирия, Иран жана Ливия мамлекеттери менен өз ара байланыштарын чыңдап, Жакынкы Чыгышта достук саясий багытын карманганга болгон аракетин жасап келет. Бирок акыркы убакта Түркиянын Жакынкы Чыгыш өлкөлөрү менен болгон мамилеси мурдагыдан сууп калды. Мамиленин сунушуна Түркиянын исламды саясат катары пайдалануусу жана неоимпериалисттик саясаты кедерги болду. Р.Т. Эрдоган жана анын Адилеттүүлүк жана өнүгүү партиясы жаңы бийликке келген учурда араб өлкөлөрүнүн Түркия менен мамилелери жакын болгон. Ал кезде Р.Т. Эрдоган Палестинага жан тартып, Израилге

кескин сындарды айтып, мусулмандарды өзүнө жакындатып турган. Араб жазы окуяларынан кийин Түркиян Перс булуңу жана Түндүк Африка өлкөлөрүнөн баштап, көпчүлүк мусулман өлкөлөрү менен болгон мамилеси сууй баштаган. Азыркы учурда Түркия мамилеси сууй түшкөн өлкөлөр менен байланыштарын чындоого жигердүү киришүүдө [5]. Бирок ага карабастан Жакынкы Чыгыш мамлекеттери менен Түркиянын ортосундагы товар алмашуунун көлөмү 2022-жылы 40 млрд долларга жакындаган.

Түркиянын тышкы саясатынын кызыкчылыгындагы кийинки аймак – Балкан. Түркия менен Балкан өлкөлөрүн тарыхый жана маданий байланыштар жакындатып турат. Балкан аймагынын жашоочуларынын бир канча бөлүгүн мусулмандар түзөт. Сербиянын 3%ы, Босния менен Герцеговинанын 43,5 %ы жана Албаниянын 63 %ы - мусулмандар [6]. Албетте, бул көрсөткүчтөр Түркиянын геосаясий кызыкчылыгына оң натыйжасын берет.

Балкан аймагында Түркиянын саясатынын инструменти катары Түрк кызматташтык жана координация агенттиги (TIKA) жигердүү иш алып барат. Бул уюм эки тараптуу жана көп тараптуу мамилелерди чыңдоодо маанилүү ролду ойнойт. Билим берүү, илим, саламаттыкты сактоо, энергетика жана инфраструктура жаатында бир нече ири проектилер ишке ашырылган. Атап айтканда, университеттер, мектептер, ооруканалар курулуп, аймактагы тарыхый имараттар жана эстеликтер оңдоптүзөөдөн өткөрүлүп, тарыхты изилдөө, илимди өнүктүрүү максатында илимий-аналитикалык мекемелер ачылган [7]. Ошондой эле Түркиянын демилгеси менен Призренде Балкан түрк таануу институту ачылган. Мунун баары Түркиянын Балкан аймагындагы таасири күндөн-күнгө өсүп жатканынан кабар берет.

Түркиянын Африка өлкөлөрүндөгү саясатына, ошондой эле Америка Кошмо Штаттары жана Орусия Федерациясы менен болгон мамилесине токтолбой кетүү мүмкүн эмес.

Р.Т. Эрдогандын саясатынын негизинде Туркиянын Африка мамлекеттери менен болгон дипломатиялык мамилелери мурдагыдан да кеңейтилди. Бүгүнкү күндө Түркиянын Африка континентиндеги дипломатиялык өкүлчүлүктөрүнүн (элчиликтеринин) саны 45ке жетти [8]. Түркиянын Африка өлкөлөрү менен болгон товар алмашуунун көлөмү 2022-жылдын аягында 40 млрд доллардан ашып, Африкага салынган түз инвестициянын көлөмү акыркы жылда 10 млрд долларга жакындаган [9].

Саламаттыкты сактоо, айыл чарба, таза суу жана гуманитардык тармактарда да Түркия Африка өлкөлөрүнө колдоо көрсөтүп келет. Атап айтканда, Түркия TIKA жана Кызыл жарым ай коому аркылуу Африка континентинде жүздөгөн проекттерди ишке ашырып, анын негизинде адамдар бекер медициналык текшерүүдөн өтүп, миңдеген бейтаптарга бекер операция жасалган. Ушул сыяктуу долбоорлор азыркы күнгө чейин уланып келет.

Түрк эли АКШ менен Осмон империясы доор сүргөн кезден бери (1831-жылдан бери) тыгыз мамиледе болуп келген. II дүйнөлүк согуштан кийин Осмон империясы Түрк Республикасы болуп, 1927-жылы АКШ менен кайрадан дипломатиялык мамилелерин орноткон. 1947-жылы эки тарап экономикалык жана техникалык кызматташтык тууралуу келишимге кол коюшкан. Бул келишимдин негизинде АКШ Трумэн доктринасы аркылуу Түркияга Советтер Союзунун коркунучунан коргонууга жардам берип турган. 1952-жылы Түркия АКШ башында турган ТАКУга мүчө болуп кирген.

Тараптардын мамилеси Түркия 1974-жылы Түндүк Кипрге бастырып киргенге чейин тыгыз, бир нукта өнүгүп келген.

Түркия менен АКШнын андан берки кезге чейинки мамилеси бирде ылдый, бирде өйдө болуп, тең салмактуулук сакталбай келет. Ошентсе да тараптар бардык тармактарда кызматташыкты өнүктүрүүгө басым жасап келишет.

2022-жылдын аягында Түркия менен АКШнын товар алмашуусунун көлөмү 37 млрд долларга жеткен. Түрк бийлиги бул көрсөткүчтү 100 млрд долларга чейин жеткирүүгө кызыкдар экенин билдирген [10].

Түркия АКШнын каршылыгына карабастан, Орусия менен соода-сатык, энергетика жана туризм жаатында жигердүү кызматташтык мамилесин өнүктүрүүдө. Бирок Түркия менен Орусиянын кызыкчылыктары кээ бир маселелерде бири-бирине карама-каршы келет. Ошентсе да эки тарап бири-бири менен болгон мамилелерин үзө элек.

2015-жылы Сириядагы аскердик операцияга катышкан Орусиянын Су-24 бомбалоочу учагын Түркия атып түшүргөнү, 2016-жылы Анкарада Орусиянын элчисинин өлтүрүлүшү, 2020-жылы Сириянын Идлиб шаарында орун алган куралдуу кагылышуулар жана Украина, Тоолуу Карабак, Кипр маселесиндеги карама-каршылыктар түрк-орус мамилелеринин суушуна алып келген. Бул маселелерде эки тарап өз кызыкчылыгын көздөшөт.

Акыркы жылдарды эле алсак, Орусия менен Түркия биргелешип бир нече проектти ишке ашырган жана алдыда да көптөгөн проекттерди ишке ашырууну көздөшүүдө. Биргелешип ишке ашырган проектилердин эң ирилери – «Көгүлтүр агым» жана «Түрк агымы» газ түтүктөрү. Ал эми учурда Түркия менен Орусиянын өкмөттөрүнүн ортосунда түзүлгөн келишимдин негизинде жалпы кубаттуулугу 4800 мегаватты түзгөн «Аккую» атомдук электр станциясынын курулушу жүрүүдө, ошондой эле В. Путиндин сунушу менен Түркияда газ хабынын түзүлүшү күтүлүүдө [11].

Түркия менен Орусиянын туризм жаатындагы кызматташтыгы маанилүү орунду ээлейт. Анткени Түркияга келген туристтердин басымдуу бөлүгүн орусиялыктар түзөт. Түркияга 2022-жылы 30 миллиондун тегерегиндеги турист келсе, алардын 5,2 миллионун орусиялыктар түзгөн [12].

2022-жылдын жыйынтыгында Орусия менен Түркиянын ортосундагы товар жүгүртүү дээрлик эки эсеге өсүп, 68 миллиард долларга жеткен. Эксперттер бул көрсөткүч жакынкы учурда 100 млрд долларга жетерин болжошууда [13].

Жыйынтыктап айтканда, Президент Р.Т. Эрдогандын тушунда Түркия ортомчу, тынчтыкты сүйүүчү саясатты активдүү жүргүзүп, аймактык чыр-чатактарды жөнгө салуу үчүн тынчтыкты сактоо иш-чаралары жүргүзүлүп жатат. Түркиянын Орусия жана Украина менен биргеликте Украина портторунан дан азыктары бар деңиз кемелеринин Африка жана Европага тоскоолдуксуз өтүшүнө багытталган акыркы тынчтык орнотуу операциясын баса белгилей кетүү керек.

Р. Т. Эрдогандын доорунда миллиондогон түрктөр жакырчылыктан чыгып, коомдун орто катмарына айланышты. Түркия энергетикалык көз карандылыктын жолунда жана өлкөнү эл аралык энергетика рыногунда алдыңкы оюнчулардын бирине айлантууда. Мунун баары Р.Т. Эрдогандын саясатынын аркасында болуп жатат.

Жогоруда белгиленген газ түтүктөрүнүн курулушу, атомдук электр станциясын жана Кара деңизде газ кенинин ачылышын тездетүү аракеттери Р.Т. Эрдогандын жигердүү саясатынын негизинде жүргүзүлүп жатат.

Түркия учурда ислам мамлекеттери жана калкынын басымдуу бөлүгүн мусулмандар түзгөн мамлекеттер менен тыгыз кызматташтык мамилелерди түзүү аркылуу өзүн ислам дүйнөсүнүн лидери катары

көрсөтүүдө. Бул үчүн Түркия мамиле куруунун аянтчасы катары эл аралык жана регионалдык уюмдарды пайдаланып жатат.

Алдыга коюлган максаттар ишке ашырылган учурда Түркия жана анын президенти Р.Т. Эрдоган башка ири ислам мамлекеттери менен биргеликте адамзаттын өнүгүүсүнүн азыркы этабында ислам дүйнөсүнүн жана мусулмандардын тынч жана ылдам өнүгүүсүн камсыздай алат. Ислам дүйнөсү глобалдык дүйнөдө өзүнүн татыктуу ордун ээлеп, прогрессивдүү өнүгүү уюлдарынын бири болушу абзел.

Бирок, Түркиянын ислам дүйнөсү менен алакасын өнүктүрүү багыты Батыш менен болгон жакын мамиледен баш тартуусу ыктымал деген ойлор тынчсыздандырышы ыктымал. Бирок абдан агрессивдүү риторикага карабастан Түркия АКШ менен болгон мамилесин жана НАТОго мүчөлүгүн коопсуздуктун узак мөөнөттүү кепилдиги катары кароону улантууда. Албетте, Эрдоган ар бир кадамында Вашингтондон абсолюттуу түрдө көз карандысыз болууга умтулат. Америка Кошмо Штаттарынын бардык каршылыктарына карабастан, Түркиянын Россиянын С-400 зениттик-ракеталык комплекстерин сатып алуусун буга мисал катары келтирсек болот. Бирок Түркия дүйнөлүк масштабда НАТОнун маанилүү мүчөсү жана дүйнөдөгү эң чоң жана эң заманбап армиялардын бири бойдон калууда. Анкаранын жакынкы жылдары Түндүк Атлантика Келишим Уюмунан чыгууну ойлонушу өтө күмөн.

Түркия Республикасынын узак мөөнөттүү максаты – Жакынкы Чыгыш, Борбор Азия, Африка жана Балкан аймактарын бириктирүү менен алдыңкы держава болуп калуу болуп саналат. Бул максатка жетүү үчүн Түркия өзүн аталган аймактардын өлкөлөрүнүн экономикаларына кошкон салымын барган сайын көбөйтүп, дипломатиялык жана саясий катышуусун кеңейтүү жана чыңдоо менен өзүнүн оң имиджин жигердүү түрдө калыптандырууда. Түркиянын тышкы саясатындагы бул векторлор (Жакынкы Чыгыш, Борбор Азия, Африка жана Балкан аймактары) дүйнөлүк держава болуу жагынан өлкөнүн стратегиясына туура келет. Түркиянын бул аймактарга карата мамилесинин өзгөчөлүгүн эске алуу менен Түркиянын саясатынын мындан ары күчөшү жана чыңдалышы үчүн потенциалы бар деп айтууга болот.

Ал эми Түркия Америка Кошмо Штаттары жана Орусия Федерациясы менен болгон мамилесин прагматизмдин негизинде өнүктүрө берет. Украина менен болгон согуш маселесинде болсо жарым-жартылай нейтралдуулук позициясын кармана бермекчи.

Жалпы жонунан алганда, Түркиянын кайрадан дүйнөлүк держава болууга толук мүмкүнчүлүгү бар. Ал үчүн Түркия жалпы 160 миллиондон ашык калкты камтыган, экономикалык көрсөткүчү 1 трлн доллардан ашкан Түрк тилдүү мамлекеттердин уюмун аянтча катары пайдаланып, конструктивдүү саясат жүргүзүүсү абзел.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**

1. *Поцхверия, Б. М.* Внешняя политика Турции после Второй мировой войны / Б. М. Поцхверия. – Москва : Наука, 1976. – 312 с.

2. Геополитические интересы Турции и восстания на Ближнем Востоке. Журнал «Международная жизнь» - сегодня. (Электронный вариант). URL: https://interaffairs.ru/jauthor/material/542;

3. Турция укрепляет свое влияние в Центральной Азии. Ритм Евразии. (Электронный ресурс). URL: https://www.ritmeurasia.org/news--2023-04-11--turcija-ukrepljaet-svoe-vlijanie-v-centralnoj-azii-65703 (дата обращения: 11.04.2023);

4. Назван показатель товарооборота Турции со странами Центральной Азии. Trend news agency. (Электронный ресурс). URL: https://www.trend.az/casia/kyrgyzstan/3693966.html (дата обращения: 12.01.2023);

5. Как Турция меняла ближневосточную политику. Вестник Кавказа. (Электронный ресурс). URL: https://vestikavkaza.ru/analytics/kak-turcia-menala-bliznevostocnuu-politiku.html (дата обращения: 04.03.2022);

Руханий мурас (элдик казна) - жеке инсандын эмес, жалпы эле коомдун таанып-билүү ишмердүүлүгүнүн жыйынтыгы. Жамааттын эс-тутуму гана аң-сезимдин убакыты жана мейкиндигинде идеологиянын, тарыхый окуялардын сакталышына о.э. трансформацияланышына шарт түзө алат.

Адамдын ойлом мүмкүнчүлүгүнүн ишмердүүлүгүнүн негизинде ачылган коомдук кубулуштардын маңызын чагылдырган идеологияны кийинки муундарга жеткирүүдө салыштырмалуу жазуунун жоктугу, бул процессти эки эсе татаалдатат. Мындай кырдаал руханий чыгармачылыктын маалыматтарын сактоонун өзгөчө структурасы-

нын пайда болушуна алып келет. Бул жерде негизги көңүл бура турган маселе идеологиянын аң-сезимдин алкагында бир тепкичтен экинчи бир жогорку тепкичине трансформацияланышы маалыматты (информация) сактоо жана өткөрүп берүү дегенди билдирет.

Коомдук жашоонун бардык чөйрөсүн, саясий бийликти борборлоштурган коммунисттик идеологиянын негизинде түзүлгөн ири империя XXк., аягында өзүнүн жашоосун токтотууга аргасыз болду. Ошол мезгилден ушул күнгө чейинки убакытты кыргыз элинин идеологиясынын аң-сезимдин алкагында трансформацияланышынын кийинки этабы катары кароого болот. Көз карандысыздыкка ээ болгон жаңы мамлекеттер бардык жагынан (саясий, экономика, маданият ж.б.) оор шартка дуушар болушту. Ошол оор шарттан чыгуунун бирден-бир жолу жаңы идеологияны иштеп чыгуу. Айрым окумуштуулар буга чейинки тарыхка кайрылып унутта калган жеке улуттук маанайдагы баалуулуктарды жандандырууга аракет кылышса, айрымдары өнүккөн өлкөлөрдүн идеологияларын таңуулоого далалат кылышат. Көз карандысыздыгына ээ болгондугуна чейрек кылым өтсө да Кыргызстандагы коомдук жашоонун алга жылбагандыгы, саясий чөйрөдөгү болуп өткөн олуттуу окуялар (эки жолку ыңкылап) дагы деле болсо идеологиянын иштелип чыккпагандыгына түздөн-түз байланышы бар.

Бардык айтылган жыйынтыктарды аяктап жатып төмөндөгүдөй ойлорго токтолууга болот. Кыргыз этносунун идеологиясы алгач башкалардыкындай эле мифологиялык көз караштын элементтеринин негизинде, диний өңүттө ата бабалардын арбактарына сыйынуу сыяктуу жана башка салттуу маданияттын алкагында калыптанган. Көчмөнчүлүк жашоо образы ага шайкеш келген чарбачылык тиричилиги идеологиянын алгачкы формасы катары кыргыздардын руханий жашоосунда кылымдар бою сакталып калуусуна шарт түзгөн.

XXк. баш ченине чейин кыргыздарда идеологиянын ролун уруулук түзүлүштөгү мамилелер аткарган. Анткени, уруу ошол жамааттын ар бир мүчөсүнүн социалдык ордун, функциясын аныктап турган. Ал эми XIX к. тышкы саясий, маданий факторлордун таасири астында кыргыз этносунун идеологиясы жаңы тепкичке көтөрүлүп, бирок руханий чөйрөдөгү көптөгөн оорчулуктарды жараткан. Ислам дининин, орус маданиятынын, кытай мамлекетинин саясатынын таасири, кыргыз эли өзүн улут катары сактап калуусуна аракет кылуусун мыйзам ченемдүү шарттаган.

Коомдо илимий дүйнөгө болгон көз карашты калыптандыруу көп мезгилдер бою, жада калса азыр дагы өтө жөнөкөй түшүндүрүлөт. Тагыраак айтканда бул процесс окутуунун тигил же бул формасы (билим берүү) менен байланыштырылат. Мындай метафизикалык мамиленин негизинде адамдарда ар кандай көз караштар пайда болот. Реалдуу жашоо менен билим алуунун негизинде калыптанган илимий дүйнөгө болгон көз караштын ортосунда карама-каршылык пайда болот. Ошондуктан жаңы идеологиянын концепциясын иштеп чыгууда коомдо түзүлгөн шарттарды эске алуу зарыл.

Өзгөчө белгилей кете турган нерсе социалдык топтордун ортосундагы идеологиялык мамилелер коомдук аң-сезимдеги карама-каршы идеялардын негизинде түзүлүшү мүмкүн. Бул өз кезегинде саясий келишпестиктерди жаратат. Мындай учур идеологияны иштеп чыгууда коомдук жашоодогу процесстердин өзгөчөлүктөрүн эске алууга мажбурлайт. Жогоруда айтылгын маселелердин бардыгы илимий изилдөөгө алынган проблеманын актуалдуулугун шарттап турат.

Тактап айтканда, адамдардын аң-сезиминдеги идеялардын жыйындысы болгон идеология коомдо улуу өзгөрүштөрдү жаратууга жөндөмдүү. Мындай зор күчкө ээ коомдук аң-сезимдин формасын жаратуу жогорку теориялык деңгээлдеги жөндөмдүүлүктү талап кылат. Идеологиянын ар

кандай формалары менен байланыштуу маселелер аны (идеологияны) жараткан белгилүү бир коомдун катмарынын өкүлдөрүнүн интеллектуалдык сапаттарынан гана эмес, алардын ыйманынан, тарбиясынан, инсандык, руханий табиттеринен да көз каранды.

**Адабияттар:**


1. Асанканов А. Кыргызы: рост национального самосознания [Текст] /А.Асанканов. – Бишкек: Мурас, 1997. – 228 с.
2. Багитжанова, А.Б. К вопросу о национальной идее и идеологии [Текст] / А.Б. Багитжанова // Вестн. Евраз. нац. ун-т им. Л.Н. Гумилева. Сер. гуманитарных наук. – Астана, 2008. – С. 211-219.
3. Бажан, Т.А. Религиозное и национальное в современном обществе . Соотношение религиозных и национальных правовых систем [Текст] / Т.А.Бажан, А.В. Меркурьев. – Красноярк: Сиб. юрид. ин-т, 2005. – 146 с.
4. Бартольд, В.В. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалган эмгектер [Текст] / В.В. Бартольд. – Бишкек: Кыргызстан-Сорос фонду, 1997. – 456 б.
5. Гирц, К. Идеология как культурная система [Текст] / К. Гирц //Интерпретация культур. – М., 2004. – С. 250.
6. Парсонс, Т. Институционализация идеологий [Текст] /Т.Парсонс // Парсонс, Т. О социальных системах. – М., 2003. – С. 483.

УДК 10 (09) (575.2) (043.3)

***Мукасов Ы.М.***
*философ. илим. док., профессор, академик*
***Мукасов Ы.М.***
*док. филос. наук, профессор, академик*
***Mukasov I.M.***
*doc. Philosopher sciences, professor, academician*

*Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы*
*Национальная академия наук Кыргызской Республики*
*National Academy of Science Kyrgyz Republic*

# КЫРГЫЗДАРДЫН ФИЛОСОФИЯЛЫК ОЙЛОМУНУН ГЕНЕЗИСИНИН СОЦИОМАДАНИЙ НЕГИЗДЕРИ

# СОЦИОКУЛЬТУРНЫЕ ОСНОВЫ ГЕНЕЗИСА ФИЛОСОФСКОЙ МЫСЛИ КЫРГЫЗОВ

# SOCIO-CULTURAL FOUNDATIONS OF GENESIS PHILOSOPHICAL THOUGHT OF THE KYRGYZ

**Аннотация.** Макалада кыргыздардын дүйнө таанымынын генезисинин социомаданий негиздери, мифтик аң-сезиминин парадигмалары, мусулманга чейинки ишенимдеринин жана эмпирикалык билимдеринин позитивдүү элементтери каралган. Байыркы кыргыздардын дүйнөгө болгон көз карашындагы позитивдүү тенденциялар мифтерде, диндин алгачкы формаларында жана эмпирикалык билимдерде чагылдырылган. Күндөлүк жашоо-турмуштук практика жана байкоолор адамдардын ой жүгүртүүлөрүндөгү рационалдык тенденциялардын болушун шарттаган. Аларга мүнөздүү өзгөчөлүк болуп дүйнөгө карата сезим-туюмдук мамиле эсептелет.

**Негизги сөздөр:** философия, коом, жаратылыш, ой, адам, миф, дин, билим, ишеним, эл, аң-сезим.

**Аннотация.** В статье рассматриваются социокультурные основы генезиса мировоззрения, парадигмы мифологического сознания, позитивные элементы домусульманских верований и эмпирических знаний древних кыргызов. Отмечается, что позитивные тенденции в мировоззрении древних кыргызов проявились в мифах, ранних формах религии и эмпирических знаниях. Обыденно-житейская практика и наблюдения обусловили формирование в мышлении людей первоначальных рациональных тенденций, главной чертой их было созерцательное отношение к внешнему миру, единство которого осознавалось нашими предками стихийно.
**Ключевые слова:** философия, общество, природа, мысль, человек, миф, религия, знание, вера, народ, сознание**.**

**Abstract.** The article discusses the sociocultural foundations of the genesis of the worldview, the paradigm of mythological consciousness, the positive elements of pre-Muslim beliefs and empirical knowledge of the ancient Kyrgyz. It is noted that positive trends in the worldview of

the ancient Kyrgyz were manifested in myths, early forms of religion and empirical knowledge. Everyday practice and observations determined the formation of initial rational tendencies in the thinking of people, their main feature was a contemplative attitude towards the outside world, the unity of which was spontaneously recognized by our ancestors.

**Key words:** philosophy, society, nature, thought, man, myth, religion, knowledge, faith, people, consciousness.

Кыргыз эли Орто Азиядагы байыркы элдердин бири. Ушуга байланыштуу белгилүү чыгыш таануучу, академик В.В.Бартольд: “Кыргыздар Орто Азиядагы эң байыркы элдердин катарына кирет. Азыркы кезде Орто Азияда жашап жаткан элдердин ичинен тарыхта аты мынчалык эрте кезиккен бир дагы эл болбосо керек” [4, с. 475], – деп жазат. Чындыгында эле Кыргызстандын аймагындагы алгачкы адамдардын издери болжол менен мындан 300-200 миң жылдары мурда кездешет [5, с. 80]. “Кыргыз” деген этноним биздин заманга чейинки 201-жылдын кытай жылнаамасында биринчи жолу жолугат.

Байыркы кыргыздардын тарыхына толук токтолбостон биз болгону кыргыз эли коомдук жана маданий өнүгүүдө бирде жогору көтөрүлүп, бирде кайра түшүп турган этаптарды басып өткөнүн белгилейбиз. Кыргыз элинин басып өткөн тарыхы өтө татаал болгон. Чет жерликтердин кол салууларынан жана талап-тоноочулук, баскынчылык аракеттеринен улам кыргыз эли канчалык жапа чегип, азап тартса да, өзүнүн ата мекенин коргоп, өз көз карандысыздыгын сактап калган.

Кыргыз эли өзүнүн өнүгүү жолунун абдан татаал экендигине карабастан, башаты тээ байыркы заманга барып такалган өз алдынча улуттук маданиятын калыптандыр ган. Байыркы кыргыздардын маданияты жалпысынан алганда көчмөнчүлүк жашоо мүнөзү менен аныкталган. Көчмөндөрдүн чарбачылыгынын негизин мал чарбачылыгы түзүп, анын ичинде кой чарбасы, жылкы өстүрүү, ошондой эле төө кармоо жана мүйүздүү ири мал өстүрүү негизги тармактардан болгон. Мал чарбачылыгынын өнүгүшүнө аймактын табигый-географиялык шарттары жана элдин кылымдап калыптанган турмуш-тиричилиги өзгөчө таасир тийгизген.

Байыркы кыргыздардын мал чарбачылыгы өздөрү жашаган табигый шартка ылайык келген. Асман тиреген аскалар, көк мелжиген улуу тоолор, күңгүрөнгөн капчыгайлар, кескин континенттүү климат, түздүк жерлердин өтө аздыгы мал чарбачылыгынын гана өнүгүшүнө мүмкүнчүлүк ачкан, ошону менен бирге мындай табигый шартка байымдуу малдын түрлөрүнүн гана өсүшүн шарттаган.

Байыркы кыргыздар жылкы өстүрүүгө өзгөчө көңүл бурушкан, анткени жылкы алардын негизги жана өтө ишенимдүү көлүгү, унаасы катары кызмат кылган. Кыргыздар көчкөндө жылкыга жүк жүктөшкөн, минип жоокерчиликке чыгышкан жана мал кайтарган, б.а. жылкы кыргыз баласы төрөлгөндөн өмүрүнүн акырына дейре аны менен бирге болгон. “Ат адамдын ишенимдүү жандоочусу болуп, аны ар түрдүү кырсыктан жана коркунучтан сактаган” [9, с. 72]. Андан дагы жылкы бир конуштан экинчи бир конушка көчкөндөгү негизги каражат катары ар түрдүү көчмөн элдердин маданияттарынын бири-бирине тийгизген таасирин күчөткөн жана көчмөн цивилизациянын калыптанышына жана өнүгүшүнө өбөлгө болгон.

Байыркы кыргыздарда дыйканчылыктын жана аңчылыктын примитивдүү түрлөрү болгондугу тарыхый булактардан белгилүү. Ал эми көчмөн кыргыздардын эзелки маданиятынын алкагында металл иштетүү менен байланышкан күндөлүк турмуш-тиричиликте керектелүүчү ар түрдүү шаймандарды даярдоо боюнча кол өнөрчүлүк түрүндө өнөр жайды өнүктүрүүнүн элементтери да болгон [1, с. 15].

Байыркы кыргыздардын кийим-кечеси, идиш-аягы негизинен көчмөн турмушка ылайыкташып жасалган. Күндөлүк тиричиликте териден, кийизден жана жүндөн ар түрдүү кийим-кечелер, баштык, куржун, жип-шуулар ж.б. үй-тиричилигине жана жоокерчиликке колдонулуучу буюмдар жасалган. Турмуш-тиричиликтин бардык тармактарында кеңири пайдаланылган бул буюмдар адам менен табияттын ортосундагы байланыш түйүнү болуп эсептелүү менен табиятты таанып билүүнүн каражаты катары саналган.

Адамдарга объективдүү дүйнө буюмдар жана аларга байланыштуу жасалган аракеттер аркылуу ачылган. Буюмдар өзүлөрүн жасаган адамдардын бүткүл тажрыйбасын, чыныгы дүйнө жөнүндө алардын көз караштарын ачып көрсөткөн жана ар кыл маалыматтардын сактоочусу болгон. Турмуш-тиричиликтин демейки буюмдарын адамдар убакытты, көлөмдү жана аралыкты өлчөө максатында да колдонушкан. Ушундан улам байыркы кыргыз тилинде турмуш-тиричиликке байланыштуу терминдер кеңири таркаган. Бир сөз менен айтканда турмуш-тиричилик буюмдарынын жардамы менен байыркы адамдар табиятты жашоого ылайыкташтырып өзгөрткөн, чексиз дүйнө түзүлүштүн мыйзамдарын таанып билүүгө жана объективдүү кабыл алууга мүмкүндүк алган. Байыркы кыргыздардын маданий багыттагы мындай ийгиликтери белгилүү тарыхчы С.М.Абрамзондун: "Өздөрүнүн маданий өнүгүшүнүн даражасы боюнча кыр гыздар кыязы, өздөрүнүн түндүктөгү жана чыгыштагы коңшуларынан жогору турган" [2, с. 438], – деп объективдүү жыйынтык чыгарышына өбөлгө болгон. Ушундай эле көз карашты башка изилдөөчүлөр да колдошот [10, с. 29-40].

Байыркы кыргыздардын маданиятына жүргүзүлгөн изилдөөлөр күбөлөгөндөй, анын түпкүрүнөн коомдун рухий чөйрөсүнүн керектөөлөрүн канааттандыруу менен бирге улуттук реалисттик ойлордун башаты жаралган. Байыркы мезгилде эле табигатты иш жүзүндө өздөштүрүү процессинде кыргыздар сырткы дүйнөнүн реалдуу байланыштарын жана мамилелерин, адамдардын табигый жана коомдук маңызын түшүнүүгө аракет жасаган. Ушунун натыйжасында байыркы кыргыздардын дүйнөнү рухий өздөштүрүүлөрүндө позитивдүү жана рационалдуу тенденциялар пайда болгон. Бул тенденциялар кыргыздардын дүйнө таанымынын жана чыныгы дүйнөнү өзгөртүүсүнүн өзгөчө формасы болуп калган.Алар айлана-чөйрөнүн объективдүү байланыштарына көз каранды болгон оор турмуштук шарттар жана катаал турмуштук практика менен үзөңгүлөш өнүккөн.

Байыркы кыргыздардын дүйнөгө болгон көз караштарындагы философиялык ойлордун элементтери биринчи кезекте алардын мифтеринде, мусулман динине чейинки ишенимдеринде жана эмпирикалык билимдеринде пайда болгон.

Мифтерде биздин ата-бабаларыбыздын дүйнөгө болгон көз карашынын тарыхый алгачкы формасы чагылдырылган. Мифтик аң-сезим адамдардын коомдогу, жаратылыштагы кубулуштарды таанып билүүгө болгон аракеттеринин интуитивдүү жыйынтыгы. Мифтерде чагылдырылган дүйнөнүн картинасы конкреттүү жагдайдын абстракциялаштырылган түшүнүгү катары эмес, эмоционалдык-баалуулуктун жыйындысы катары берилет.

Дүйнөнү өздөштүрүүнүн мифтик ыкмасында байыркы адам өзүн табияттан бөлүп карабайт, алардын ортосундагы өзөктүү байланыштар так дифференциялык мүнөзгө ээ эмес. Ушундан улам мифология өзүнө дүйнөгө болгон көз караштын пайда болушунун зарыл өбөлгөлөрү катары иллюзиялык, фантазиялык, ал гана эмес иррационалдык элементтерди камтыйт. Бирок, мына ушулар мезгил өткөн сайын дүйнөгө болгон көз караштагы жалпылоого жана образдуу ой жүгүртүүгө карата болгон жөндөмдүүлүктүн пайда болушу үчүн негизги өбөлгөлөрдү түзүү менен рационалдык мазмунга айланган.

Мифология – бул байыркы адамдардын табияттын жана коомдун тигил же бул кубулушунун пайда болуу себептерин, алардын ички байланыштарын, кыймылын түшүнүүгө жасаган аракети. Ошол эле учурда ал табият кубулуштарын башкаруу жана багынтуу максатын койгон дүйнө түшүнүүнүн жолу. Мифтерде элдин рухий, таанып билүү жана практикалык тажрыйбалары топтолгон, б.а. мифтерде байыркы адамдардын болмушту аңдап билүүсү, дүйнөнүн баш аягы жок, чексиздиги тууралуу ойлору, дүйнөнүн материалдык башаты жөнүндөгү идеялары, табигый жана социалдык кубулуштардын өзгөрүлмөлүүлүгү жана карама-каршылыгы тууралуу көз караштары өз издерин калтырган. Ошентип мифтик аң-сезимде эң алгачкы түшүнүктөр, жалпылоолор пайда болгон. Алар кийин дүйнөгө карата болгон стихиялык көз караштын ордуна рационалдуу жана абстрактуу ой жүгүртүүнүн келишин шарттоо менен мейкиндик жана мезгил, себеп жана натыйжа, кокустук жана зарылдык жана башка ушу сыяктуу кенен категориялардын жаралышына негиз катары кызмат кылган.

Аристотель: “Мифти жакшы көргөн адам кандайдыр бир деңгээлде философ болуп эсептелет, анткени миф адамдарды таңкалтырган нерселерден түзүлөт”, – деп эсептеген. Мына ушул адилеттик менен айтылган пикирге таянып, адамдын дүйнөнү жана өзүн-өзү таанууга жасаган аракети жаткан кыргыз элинин мифин философиялык ойломдун өнүгүшүнүн өбөлгөсү жана алгачкы этабы катары карасак туура болот.

Ал эми мусулман динине чейинки диний ишенимдер кыргыз элинин маданиятынын негизги бөлүктөрүнүн бири болуу менен бирге, өзүнүн мазмуну боюнча миф менен өтө тыгыз байланыштуу. Алар байыркы кыргыздардын аң-сезиминде бири-бирин толуктап, өтө тыгыз биримдикте болгон. Ошондой болсо да, миф жана диний дүйнө кабылдоонун алгачкы формалары бири-бирине окшош эмес, анткени алардын булактары ар түрдүү. Эгерде ислам динине чейинки ишенимдердин тамырын адамзат баласынын табият кубулуштарынын алдындагы күчсүздүгүнөн издесек, анда мифтин тамырын – негизинен адамзат акылынын курчап турган айлана-чөйрөнү түшүнүүгө жана түшүндүрүүгө болгон аракетинен издөө зарыл. Диндин алгачкы формалары ар дайым адамдын кандайдыр бир табияттан сырткары турган күчтөрдөн алсыздыгын жана аларга көз карандылыгын билдирет. Миф булардан айырмаланып өзүнө билимдин жана логиканын элементтерин сиңирген. Ошондой болсо да, булардын ортосун кескин айырмалап көрсөтүүгө болбойт, анткени “миф өзүнүн өнүгүшүнүн алгачкы этаптарында диний-магиялык ырым-жырымдар менен өзөктөш байланышат жана диний ишенимдердин олуттуу бир бөлүгү болуп эсептелет” [8, с. 14]. О.Козубаев миф “диндин алгачкы формаларынын да, поэзиянын да негизин түзөт” [6, с. 79], – деп туура белгилейт.

Кыргыздардын мусулман динине чейинки ишенимдери бул адамдардын чыныгы дүйнөнү чагылдыруусунан келип чыккан фантастикалык (мифтик) менен иллюзиялуулук (диндик) кошо катышкан синкреттүү кубулуш. Мында иллюзиялуулук өзгөчө мааниге ээ.

Байыркы кыргыздардын дүйнөгө болгон көз караштарына жүргүзүлгөн талдоо көрсөткөндөй адамзат коомунун өнүгүшүнүн алгачкы этаптарында табият менен өтө тыгыз байланышта жана ага дайыма көз каранды абалда жашаган адам аны чексиз күчтүү, кудуреттүү нерсе катары кабыл алган. Табияттын өнүгүшүнүн мыйзам-ченемдүүлүктөрүн түшүнбөгөндүктөн, анын кубулуштарын табигый себептер менен түшүндүрүүнү билбегендиктен, ал табияттын кубулуштарына жана объекттерине акыл-эсти таңуулап, жамандыкты жана жакшылыкты жасаган жөндөмдүүлүктү ыйгарган. Мына ошондон улам табияттын көптөгөн кубулуштары ыйык жана кудуреттүүлүккө айланган. Аларга байыркы адам сыйынуу

менен кайрылып, алардан турмуштагы “жашоо жыргалчылыкты берүүсүн” суранган.

Ошону менен бирге табияттын таанылып-билине элек кубулуштары жана нерселери байыркы адамдын аң-сезиминде жеке эле диний ишенимди жана коркууну жаратпастан, ошондой эле аларды аңдап-түшүнүүгө байланыштуу аракетти да жараткан. Ал эми таанып билүү өзүнүн маңызы боюнча – бул өтө карама-каршылыктуу процесс. Таанып билүүчүлүк процессинде адамдын дүйнөдөгү реалдуулуктар жөнүндөгү көз карашы ой жүгүртүүнүн негизинде келип чыккан. Ошону менен бирге А.Ф.Анисимов туура белгилеп көрсөткөндөй, “коомдун материалдык шарттарынын аң-сезимдеги чагылуусунун негизинде калыптанган көз караш, тарыхый жактан адамдын жаратылышка болгон үстөмдүгүнүн деңгээлине дал келген. Тажрыйбанын тарыхый жактан өнүгүшү адамдардын көз караштарындагы рационалдуулуктун элементтерин көбөйткөн, мына ушундай тажрыйбанын чектелүүлүгү иллюзиялуулуктун пайда болушу үчүн пайдубал түзгөн” [3, с. 383-364]. Табияттын таанылып билине элек кубулуштары байыркы адамдардын алсыздыгын көрсөтүү менен бирге диний көз караштын келип чыгышына алып келген жана аларды табияттан сырткары турган күчтөргө сыйынууга аргасыз кылган.

Адамдар, өзүнүн маңызы боюнча жашоолук башталмага ээ болгон табияттын кубулуштарын жандуу нерсе катары көрсөтүшкөн жана аларга сыйынышкан. Бирок, объективдүү жаратылышты диний жактан чагылдыруу табияттан сырткары турган күчкө болгон ишеним менен гана эмес, ошондой эле реалдуулук, активдүүлүк жактар менен да коштолгон. Байыркы адамдар табият кубулуштарын таанып билүү процессинде, “мистикалык” табиятка таасир этүүгө жана аны багынтууга болот деген жыйынтыкка келген.

Исламга чейинки диний ишенимдер – кыргыздардын рухий прогрессинин маа нилүү жана зарыл баскычы болгон. Булар теориялык таанып билүүчүлүктүн башаттарын калыптандырууда чоң мааниге ээ болгону шексиз, б.а. алар адамдардын ой жүгүртүүлөрүнүн конкреттүү кырдаалдардын тар алкагынан сыртка чыгышын шарттаган. Дүйнөдөгү карама-каршы күчтөрдү, принциптерди, өнүгүү тенденцияларын бөлүп көрсөтүүгө умтулуу, бир катар бинардык оппозицияларды, дуалисттик карама-каршылыктарды (маселен, “жамандык-жакшылык”, “өмүр-өлүм”, “бактылуулук-бактысыздык”, “күн-түн”) калыптандырууга жасалган аракет адегенде байыркылардын ой жүгүртүүлөрүнө мүнөздүү болгон.

Жогоруда аталган түшүнүктөрдүн жардамы менен табияттын жана коомдун мыйзамдарын таанып билүүдө бир жагынан эмпирикалык тажрыйбаларды системалаштыруу болсо, экинчи жагынан болмуштун динамикасы, андагы карама-каршы күчтөрдүн күрөшү аңдалып билинген. Мына ушунун өзү адамдарга табият кубулуштарын жана коомдук мамилелерди аң-сезимдүү түрдө кабылдоо мүмкүнчүлүгүн берген.

Диндин алгачкы формалары, негизинен, табияттан сырткары турган күчтүн реалдуулугуна болгон ишенимге, сыйынууга негизделген. Бирок, алардын сөздүн толук маанисиндеги мазмуну табияттан сырткары турган мүнөзгө толук ээ болгон эмес. Башкача айтканда, ишенимдин бул алгачкы формалары таза диний көз караш болгон эмес, анткени алар реалдуулуктун мазмунун чагылдырган дүйнө таануучулук аспектерди да камтыган.

Ислам динине чейинки ишенимдер - бул курчап турган дүйнө тууралуу стихиялык көз караштардын, түшүнүктөрдүн жана элестөөлөрдүн жыйындысы. Элдик ой жүгүртүүнүн бардык типтерин камтуу менен алар дүйнө таануучулук милдет аткарган жана бул ишенимдер байыркылардын аң-сезиминде, акыл-насаат, накыл сөз, макал-лакап ж.б. формасында болгон. Динден айырмаланып, алардын мазмунунда табияттан сырткары турган системаларга караганда, реалдуулуктун элементтери көбүрөөк

камтылган. Эгер дин өзүнүн принциптерин жана жоболорун жалпысынан ишенимге негиздеп түзсө, ал эми ислам динине чейинки ишенимдер барыдан мурда стихиялуу билимдерге жана так ой жүгүртүүгө таянат, позитивдүү, рационалдуу билимдин элементтерин жана диалектиканын башаттарын камтыйт.

Ошондой болсо да, адамды табияттан бөлүп карай албаган, өзү пантеисттик мүнөзгө ээ болгон жана өзүнүн мааниси боюнча дүйнөгө карата болгон алгачкы мамилени гана туюнткан мусулман динине чейинки ишенимдердин дүйнө таануучулук маңызын абсолютташтырып жиберүүгө болбойт. Анткени анын негизин табияттан бөлүнүп кете албагандык, анын кубулуштарына политеисттик сыйынуу жана ата-бабалардын культу сыяктуу социалдык детерминациянын принциптери түзгөн.

Философиялык ойлордун дагы бир башаты катары практикалык иш-аракеттерди жасоонун жүрүшүндө өнүккөн жана байыр кы кыргыздардын жашоо-турмушунун тарыхый уклады менен тыгыз байланышкан эмпирикалык билимдерди эсептесек болот.

Максаттуу иш-аракет катары эмгек адамдын сырткы дүйнөгө карата активдүү өзгөртүп түзүүчү мамилесин болжолдойт. Байыркы адамдар практикалык иш-аракеттердин жардамы менен сырткы дүйнөнүн реалдуу байланышын жана мамилесин, адамдын табигый жана коомдук маңызын аныктоого жана түшүнүүгө аракет кылышкан. Адамдардын дүйнөнү таанып билүүсү табиятты практикалык жактан өздөштүрүү процессинде кеңейип жана тереңдетилген. Бул процессте реалисттик дүйнө түшүнүүнүн калыптанышы жана өнүгүшү чоң мааниге ээ болгон. Байыркы кыргыздардын көпчүлүк рационалдык көз караштары эмпирикалык билимдерден таасир алган. Эмпирикалык билимдер табигый жана социалдык дүйнөнү реалдуу таанып билүүнүн пайда болушу жана калыптанышы үчүн алгачкы база болгон, түздөн-түз турмуштук тажрыйбаларга жана интуитивдүү табылгаларга негизделген.

Албетте, табият тууралуу конкреттүү билимдердин пайда болушу жана байышы коомдук мамилелерди өнүктүрүүнүн мыйзам ченемдүү натыйжасы болгон, анткени бул мамилелер таанып билүүдө чыныгы дүйнөнү кыйла жогорку деңгээлде чагылдыруунун, түшүнүүнүн социалдык негизин түзгөн. Өз кезегинде мындай билимдер реалисттик ой-пикирлердин пайда болушу жана өнүгүшү үчүн табигый негиз болгон. Ошол себептүү байыркы кыргыздар ээ болгон эмпирикалык билимдердин өнүгүшү менен таанышпай туруп алардын социалдык-маданий булактарын түшүнүү кыйын.

Коомдук турмуштагы керектөөнүн өсүшүнө жараша адамдын кызыкчылыктары аң-сезимди аныктаган компоненттерден болуп калат. Ошондуктан табият процесстерин таанып билүү болгону адамдын аракеттеринин натыйжасы. Адамдардын жашоо-турмушунун негизинде бир жагынан сырткы дүйнөнү анчалык коркунучтуу эмес жана кыйла ыңгайлуу, экинчи жагынан кыйла түшүнүктүү жана табышмактуу кылып көрсөтүүгө жасаган аракеттери жаткан. Байыркы адамдардын табият менен жуурулушуп турушу жана анын мыйзамдарын билбеши аларды табиятка көз каранды кылган. Байыркы мезгилдерде эле адамдар кийинки миң жылдыктардагы бүткүл адамзат практикасы жетүүгө аракет кылган табиятты баш ийдирүү, анын мыйзамдарын башкара билүү максаттарын алдыларына койгон. Бирок, алар буга таптакыр башка жол менен барышкан. Байыркы адамдар өздөрүн табияттан бөлүп караган эмес жана анын сырларын күч менен үйрөнүүгө аракет кылбаган. Алар өздөрүн эч убакта табиятка каршы койгон эмес жана ага душмандык мамиле жасабаган, тескерисинче, алар дайыма табияттын бөлүгү бойдон калып, табият менен өтө таттуу мамиледе болушкан.

Байыркы адамдын дүйнөтаанымы өтө маңыроо, примитивдүү болгон. Ал байкоо жүргүзүүдөн гана келип чыккан материалдарга таянган, адам өзү так ажырата албаган кабылдоолордон, көз караштардан жана түшүнүктөрдөн турган. Анда эч убакта кур-

чап турган чөйрөнү сезимдик кабылдоонун ишенимсиздиги жана салыштырмалуулугу тууралуу суроо да пайда болгон эмес, табиятты таанып билүүгө болбойт деген идея да жаралбаган. Бирок, байыркы адам эмгек процессинде акырындык менен максаттуу түрдө билимге ээ болгон, тажрыйба топтогон, табияттын кубулуштарынын себептик-натыйжалык байланыштарын үйрөнгөн жана аны ар түрдүү байкоолору менен салыштырган. Өз кезегинде табият процесстери тууралуу тереңдетилген билим адамдын практикалык иш-аракеттерин ийгиликтүү ишке ашырууга улам көбүрөөк көмөк берген. “Билим – бул табиятка каршы коюлган адамзаттын коркунучтуу күчү. Билим канчалык объективдүү болсо, анда иш жүзүндөгү боштук ошончолук аз болот. Ал канчалык чындыкка ылайык келсе, аны менен куралданып, табият кубулуштарын багынтуу, ага үстөмдүк кылуу ошончолук жеңил болот” [7, с. 54], – деп А.В.Луначарский белгилеген.

Албетте, байыркы адамдардын практикалык иш-аракеттери аларды табигый кырсыктардан болгон коркунучтан биротоло бошоткон эмес, бирок, адамзат коомунун кыйла алгачкы стадиясына мүнөздүү мамилеге салыштырмалуу олуттуу айырмаланган мамилени иштеп чыгууга көмөк берген. Адам табияттын проблемалары, Ааламдын түзүлүшү тууралуу көбүрөөк ойлоно баштаган, алардан алгачкы ойлорду жана сабак болор маанини аныктоого аракеттенген. Ушунун натыйжасында дүйнө тууралуу конструктивдүү жана позитивдүү идеялар пайда болгон.

Байыркы кыргыздардын дүйнө таанымына талдоо жүргүзүү көпчүлүк табигый процесстер жана кубулуштар, алардын өз ара байланышы тууралуу биздин ата-бабаларыбыздын салыштырмалуу туура көз караштары алардын эмпирикалык билимдеринин негизин түзгөнүн көрсөтөт. Эмпирикалык билим өзүнө күндөлүк тажрыйбаны жана элдик байкоо жүргүзүүнүн жетишкендиктерин камтуу менен курчап турган чөйрөнү таанып билүүнүн алгачкы башаттарынын бири болгон.

Жалпылап айтканда, кыргыздардын философиялык ойлорунун генезиси байыркы доордун социомаданий жагдайларынын негизинде калыптанган. Алардын дүйнөгө болгон көз карашындагы позитивдүү тенденциялар мифтерде, диндин алгачкы формаларында жана эмпирикалык билимдерде чагылдырылган. Күндөлүк жашоо- турмуштук практика жана байкоолор адамдардын ой жүгүртүүлөрүндөгү рационалдык тенденциялардын болушун шарттаган. Буга мүнөздүү өзгөчөлүк болуп дүйнөгө карата сезим-туюмдук мамиле эсептелет.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**


1. Абрамзон С.М. Очерк культуры киргизского народа. – Фрунзе, 1946. – С.15.
2. Абрамзон С.М. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер. – Бишкек, 1999. – 438-б.
3. Анисимов А.Ф. Об истинном и иллюзорном в первобытных воззрениях на природу // Вопросы истории религии и атеизма. – Т.5. – М., 1958. – С.363-364.
4. Бартольд В.В. Киргизы: Исторический очерк // Соч. В 9 т. – Т.2. Ч.1 – М., 1963. – С.475.
5. История Киргизской ССР. В 5 т. – Т.1. – Фрунзе, 1984. – С.80.
6. Козубаев О.К. Этическая мысль в ретроспективе. - Бишкек, 1995. – С.79.
7. Луначарский А.В. Против идеализма. – М., 1923. - С.54
8. Токарев С.А., Мелетинский Е.М. Мифология // Мифы народов мира: Энциклопедия. В 2 т. – Т.1.- М., 1991. – С.14.
9. Традиционное мировоззрение тюрков Южной Сибири: Пространство и время. Вещний мир. – Новосибирск. 1988. – С.72.
10. Худяков Ю.С. Кыргызы в Центральной Азии // Вопросы этнической истории киргизского народа. – Фрунзе, 1989. – С.29-40.

УДК 001.18 (575)(04)

***Бекбоев А. А.***
*философия илимдеринин доктору профессор, жетектөөчү илимий кызматкер,*
*КРнын УИАнын А. Алтмышбаев ат. Философия институту*
***Бекбоев А.А.***
*докт. филос. наук, профессор,*
*ведущий научный сотрудник*
*Институт философии им. А. Алтмышбаева НАН КР*
***Bekboev A.***
*doctor of philosophy professor,*
*Institute of philosophy named after A. Altmyshbaev of the NAS KR*
***Карабукаев К.Ш.***
*доктор философских наук,*
*ведущий научный сотрудник,*
*Института философии им. А.А. Алтмышбаева НАН КР*
***Карабукаев К. Ш.***
*философия илимдеринин доктору,*
*жетектөөчү илимий кызматкер,*
*КР УИАнын А.А. Алтмышбаев атындагы Философия институту*
***Karabukaev K.Sh.***
*doctor of philosophical science,*
*Institute of philosophy named after A.A. Altmyshbaeva of the NAS KR*

## «ФУТУРОЛОГИЯ» ТҮШҮНҮГҮНҮН ФИЛОСОФИЯЛЫК МҮНӨЗДӨМӨСҮНӨ КАРАТА

## К ФИЛОСОФСКОЙ ХАРАКТЕРИСТИКЕ ПОНЯТИЯ "ФУТУРОЛОГИЯ"

## ON THE PHILOSOPHICAL CHARACTERISTICS OF THE CONCEPT OF "FUTUROLOGY"

**Аннотация.** Бул макалада авторлор футурологияны илимий дисциплина катары анын өнүгүү тарыхын жана трансформациясын ар тараптуу изилдешет. Изилдөөнүн максаты - футурологиянын өнүгүүсүнүн негизги этаптарынын идеяларын, концепцияларын жана окуяларын ачып берүү жана кыскача мүнөздөмө берүү болуп эсептелинет. Футурология – бул илимий билимдерге жана божомолдоолорго негизделген планетанын, адамзаттын, процесстердин жана кубулуштардын келечеги жөнүндөгү жалпыланган концепциялардын жыйындысынын аталышы. Аны көбүнчө идеологияларга альтернатива боло турган "келечектин тарыхы" же О.Флетхайм сунуштагандай "келечектин философиясы" деп түшүнүшот. Футурология – бул көп кырдуу жана дисциплиналар аралык изилдөө тармагы, анда көптөгөн ар түрдүү теориялык мамилелер бар. Ал келечекти талдоодо, түшүнүүдө, жана дагы туруктуу жана позитивдүү келечек үчүн стратегияларды иштеп чыгууда маанилүү курал бойдон калууда.

**Негизги сөздөр:** футурология, футурологиянын өнүгүү этаптары, футурология философиянын бир тармагы катары, теория, концепция.

**Аннотация.** В данной статье авторами комплексно рассмотрены история развития и трансформации футурологии как научной дисциплины. Целью исследования является рас-

крыть и кратко охарактеризовать ключевые идеи, концепции и события основных этапов развития футурологии. Футурология в целом – обобщенное название совокупности концепций о будущем планеты, человечества, процессов и явлений на основе научных знаний и прогнозов. Её часто понимают, как «историю будущего» или, как предлагал еще О. Флетхейм, «философию будущего», которая будет альтернативой идеологиям. Футурология- это многогранное и интердисциплинарное область исследований, в которой существует множество различных теоретических подходов. Она остается важным инструментом для анализа и понимания будущего, а также для разработки стратегий, направленных на устойчивое и благоприятное будущее.

**Ключевые слова:** футурология, этапы развития футурологии, футурология как раздел философии, теория, концеция.

**Abstract.** In this article, the authors comprehensively examine the history of the development and transformation of futurology as a scientific discipline. The purpose of the study is to reveal and briefly characterize the key ideas, concepts and events of the main stages of the development of futurology. Futurology in general is a generalized name for a set of concepts about the future of the planet, humanity, processes and phenomena based on scientific knowledge and forecasts. It is often understood as “the history of the future” or, as O. Fletheim proposed, “the philosophy of the future”, which will be an alternative to ideologies. Futurology is a multifaceted and interdisciplinary field of study, and there are many different theoretical approaches within it. It remains an important tool for analyzing and understanding the future and for developing strategies for a sustainable and positive future.

**Key words:** Futurology, history of futurology, stages of futurology development, futurology as a branch of philosophy, theory, concepts.

Понятия «предвидение», «прогноз» и «футурология» связаны между собой, но они имеют разные нуачно-методологические уровни: предвидение - это обычно более индивидуальный и субъективный процесс, который относится к способности или акту предугадывания будущих событий или исходов без использования формальных методов анализа. А также оно может быть основано на интуиции, опыте, чувствах или личных убеждениях. Предвидение может быть краткосрочным и касаться ближайших событий, но также может иметь более долгосрочные аспекты, основанные на субъективных ожиданиях.

Прогноз - это более формальный и структурированный процесс, который использует данные, модели и методы анализа для предсказания будущих событий или результатов. Прогнозы могут быть вероятностными и могут иметь более долгосрочную перспективу. Они обычно основываются на рациональном подходе и могут быть подкреплены научными исследованиями и статистикой.

Футурология - это более широкая исследовательская область, которая объединяет и расширяет понятия предвидения и прогнозирования. Она как научное направление занимается изучением долгосрочных тенденций, изменений в различных сферах жизни и разработкой сценариев будущего развития на основе данных, трендов и анализа. Она также может включать в себя как формальные методы прогнозирования, так и менее структурированные анализы, и интуитивные подходы. Футурологи в целом стремятся представить более полное представление о будущем, чем просто прогнозы, и помогать обществу адаптироваться к будущим изменениям.

Таким образом, предвидение может быть частью как прогноза, так и футурологии, но оно более субъективно и ориентировано на индивида. Прогнозирование - более структурированный метод, который исполь-

зует данные и анализ для предсказания будущего. Футурология - это более обширная область, которая объединяет прогнозирование с другими методами исследования будущего.

«Футурология» употребляется для обозначения широкого круга представлений о будущем человечества, для определения сферы знаний, охватывающей перспективы социальных процессов, а также в качестве названия отдельной науки о будущем, призванной выявлять и использовать прогностические функции многих научных дисциплин, разрабатывать и согласовывать в рамках научного сообщества собственные теоретические основы, принципы, методы познания и основные направления научного поиска относительно будущего человечества». [1] Однако, научном обороте есть и противоположные точки зрении, согласно которому футурология «не стала ни особой наукой, ни специфической философией, а превратилась в общее движение научной мысли, обращенной к анализу социальной динамики и ее результатов [2, С.13-22]

Футурология, как видим, это многогранное и интердисциплинарное поле исследований, и в ней существует множество различных теоретических подходов, такие как:

1. Теория сценариев (Scenario Theory): Этот подход предполагает создание различных сценариев будущего, каждый из которых описывает возможное будущее развитие событий на основе разных предпосылок. Эти сценарии могут быть использованы для анализа вероятных результатов и принятия решений;

2. Теория инноваций (Innovation Theory): Она изучает процессы развития и внедрения новых технологий и их воздействие на общество. Футурологи используют эту теорию для анализа, как новые изобретения могут изменить будущее.

3. Теория трендов (Trend Theory): Футурологи исследуют долгосрочные тренды в области экономики, технологий, демографии и культуры, чтобы определить, какие направления развития наиболее вероятны в будущем.

4. Теория катастроф (Catastrophe Theory): Эта теория анализирует возможные катастрофические события и их последствия для общества и окружающей среды. Футурологи работают над идентификацией и предотвращением потенциальных кризисов.

5. Теория систем (Systems Theory): Футурологи исследуют сложные системы, такие как общество, экономика и экосистемы, и анализируют их взаимодействие и долгосрочные изменения.

6. Теория эволюции (Evolutionary Theory): Этот подход смотрит на будущее как на результат эволюционных процессов и адаптаций, как социокультурных, так и биологических.

7. Теория вероятности (Probability Theory): Вероятностные методы используются для оценки вероятности возникновения различных будущих событий и сценариев.

8. Теория трансформации (Transformation Theory): Эта теория фокусируется на исследовании процессов трансформации в обществе, экономике и культуре и анализирует, как эти трансформации могут повлиять на будущее.

Эти теории и концепции представляют лишь малую часть разнообразных подходов, используемых в футурологии. Футурологи часто комбинируют различные методы и теории, чтобы создать более полное представление о будущем и его потенциальных развитиях.

Футурология возникла как результат большого количества исследований специальных дисциплин. Основной ее функцией сначала было определение экономического развития, прогнозирования результатов реформ в экономике. Немного шире формулируют функции футурологии Кан и А.Винер. Па их мнению эти функции должны быть следующими: а) формировать в сознании работников приоритет общечеловеческих чувств относительно классовых; б) предусматривать, как будет идти процесс вхождения представителей рабочего класса в

структуры власти; в) раскрывать тенденции бесперспективности социалистической теории и практики.

Анализируя работы западноевропейских социологов, которые подвержены футурологии, можно заметить две тенденции: а) попытки дать общее видение будущего развития человечества как в целом, так и каждого общества в частности; б) попытки указать на опасные процессы в развитии общества сегодня, завтра, в будущем.

Футурология развивалась и эволюционировала в результате множества исследований в различных областях, и ее функции могут варьироваться в зависимости от контекста и целей исследования. Ниже рассмотрим указанные функции футурологии и две тенденции, которые выделяются в работах западных социологов, занимающихся футурологическими исследованиями:

1. Прогнозирование экономического развития: В начале своего развития футурология действительно сосредотачивалась на прогнозировании экономических процессов. Это было особенно важно для бизнеса и промышленности, так как прогнозы о будущем экономическом развитии могли помочь фирмам принимать более обоснованные решения в планировании производства и стратегическом развитии.

2. Формирование приоритетов и изменение мировоззрения: Футурология, как отрасль исследований, также может играть роль в формировании общественного мировоззрения. Это включает в себя не только предсказание будущих событий, но и обсуждение тенденций и возможных сценариев развития общества. Эти обсуждения могут воздействовать на мировоззрение и приоритеты как индивидов, так и общества в целом.

3. Анализ опасных процессов: Футурология может также выполнять функцию выявления потенциально опасных процессов и явлений в обществе. Это может включать в себя анализ социальных, экологических, экономических и политических проблем, которые могут возникнуть в будущем. Такой анализ позволяет подготовиться к возможным вызовам и разработать стратегии и решения для их предотвращения или управления.

4. Общее видение будущего развития: Футурология также стремится к формированию общего видения будущего развития человечества и общества. Это включает в себя анализ трендов и долгосрочных изменений, которые могут оказать влияние на общество. Такие анализы могут служить основой для стратегического планирования и принятия решений на уровне государств и международных организаций.

Футурология как научная область продолжает развиваться, и ее функции могут меняться в зависимости от текущих вызовов и задач современного общества. Она остается важным инструментом для анализа и понимания будущего и для разработки стратегий, направленных на устойчивое и благоприятное будущее.

Развитие футурологии в конце 60-х - начале 70-х годов прошлого века включало в себя различные направления и объекты исследования, которые охватывали разные аспекты будущего общества и культуры. Ниже представлены основные направления развития футурологии, указанные в вашем описании:

1. Общая футурология природы: Это направление футурологии занимается изучением будущего природных систем, включая экологические и природоохранные аспекты. Оно направлено на предотвращение негативного воздействия человека на природу и поиск путей сохранения биоразнообразия и экологической устойчивости.

2. Футурология замкнутых природных систем: Это направление сосредотачивается на изучении будущего конкретных природных систем, таких как острова, озера, лесные участки и другие ограниченные природные территории.

3. Футурология замкнутых технологических систем: Здесь исследуются будущие технологии и технические инновации, а также их влияние на общество и окружающую среду.

4. Общая футурология культуры: Это направление охватывает исследование будущих изменений в культуре, искусстве, образе жизни и ценностях общества.

5. Футурология замкнутых социально-хозяйственных систем: Здесь изучается будущее конкретных обществ и экономических систем, включая региональные и локальные аспекты.

6. Общая политическая футурология: Это направление занимается изучением будущих политических систем, геополитических изменений и внешних угроз для стран и мирового сообщества.

7. Футурология относительно замкнутых политических систем: Здесь исследуются будущие изменения в политических системах конкретных стран или регионов.

8. Футурология планирования науки: Это направление футурологии фокусируется на будущем развитии научных исследований и технологического прогресса.

9. Футурология развития антропологии и человеческого мышления: Здесь изучаются будущие изменения в человеческом обществе, включая социокультурные и антропологические аспекты.

Каждое из этих направлений футурологии имеет свои уникальные цели и методы исследования, но все они направлены на понимание и анализ будущего и его влияния на общество, природу и культуру.

Актуальные задачи, определенные футурологами, отражают важные вызовы и цели, стоящие перед обществом и мировым сообществом в контексте будущего развития. Ваши указанные задачи представляют собой ключевые аспекты, которые футурологи могут рассматривать и анализировать в своих исследованиях:

1. Исключение войны из жизни человечества и утверждение мира на Земле: Это одна из наиболее важных задач, поскольку войны и конфликты имеют разрушительные последствия для общества и могут препятствовать устойчивому развитию.

2. Борьба с голодом и бедностью: Обеспечение доступа к пище, воде, образованию и другим основным ресурсам остается критической задачей, чтобы улучшить качество жизни и устранить бедность.

3. Стабилизация демографической ситуации: Управление ростом населения и обеспечение устойчивого демографического развития включает в себя вопросы здоровья, образования и репродуктивных прав.

4. Борьба с угнетением человека: Это включает в себя соблюдение прав человека, борьбу с дискриминацией и нарушениями прав и свобод.

5. Содействие демократизации государства и общества: Развитие демократических институтов и процессов для обеспечения участия граждан в принятии решений и гарантирования прав и свобод.

6. Борьба с хищнической эксплуатацией природы: Эффективное управление природными ресурсами и экологически устойчивое развитие для предотвращения разрушения окружающей среды.

7. Охрана природы и человека: Обеспечение безопасности и благополучия человека, а также сохранение экосистем и биоразнообразия.

8. Создание нового, творческого типа человека: Развитие образования, культуры и инноваций, которые способствуют развитию творческого и устойчивого общества.

Упомянутые выше задачи отражают сложные вызовы, с которыми сталкивается современное общество, и их решение имеет важное значение для создания благоприятного будущего для человечества. “Эти и другие вызовы еще больше актуализируют холистический, а не узкоотраслевой подход к осмыслению будущих перспектив и вариантов желаемого будущего, а также возможностей их достижения, который на протяжении своей уже 80-летней истории утверждает футурология. И процесс актуализации такого подхода, такой модели восприятия будущего, как и всякой относительно новой научной теории, «происходит на пути одновременного развития ключевых положений ее истории, теории и методологии – принципов, идей, категориального

аппарата» [3, С.168-174] Футурология, как начное направление, в целом может вносить вклад в анализ и понимание этих задач и разработку стратегий для их достижения.

С развитием футурологии возникает потребность подробного ее определения. Так, например, немецкий социолог К.Штейнбух пришел к выводу, что футурология - это целая отрасль научной деятельности, «которая дает нам информацию о предстоящих технические и общественные ситуации». Р. Юнгк считал, «что исследования, которые ставят целью изучения будущего, можно признать научными только тогда, когда они подвергают сомнению свой предмет, определяют свои границы и предлагают только гипотезы о развитии будущего». Более конкретное определение футурологии дает Г.Шишкоф. «Футурология, - пишет он, - это дисциплина, которая должна формировать будущее, а также определять влияние всех факторов человеческой деятельности». О.К.Флехтгейм определил футурологии «как чистую науку прогнозов и проектов, теорию программ и планов, а также философию ... будущего». В работе «Почему футурология?» О.К.Флехтгейм отметил, что когда мы говорим о футурологии, то это не значит, что ее следует понимать только как стремление к координации наук. Развивая эту мысль, ученый различает понятия «чистая футурология» и «практическая футурология». Первая - занимается накоплением, составлением и координацией разного рода прогнозов и проекций; друга-программированием и планированием. Практическая футурология, по мнению Флехтгейма, включает в себя и философские аспекты, это, в основном, критика идеологии.

Понимание футурологии, как дисциплины, которая занимается изучением будущего и разработкой прогнозов, проектов, планов, исследованием влияния факторов на будущее, имеет разные аспекты и определения, предложенные разными учеными. Каждое из этих определений подчеркивает разные аспекты футурологии, и они могут дополнять друг друга:

1. К. Штейнбух: Футурология - это отрасль научной деятельности, предоставляющая информацию о предстоящих технических и общественных ситуациях. Это определение подчеркивает роль футурологии в предсказании будущих событий и изменений.

2. Р. Юнгк: Футурология - это научные исследования, которые должны подвергать сомнению свой предмет, определять границы и предлагать гипотезы о развитии будущего. Это определение подчеркивает необходимость научного подхода и критического мышления в футурологических исследованиях.

3. Г. Шишкоф: Футурология - это дисциплина, которая формирует будущее и анализирует влияние всех факторов человеческой деятельности. Это определение подчеркивает роль футурологии не только в предсказании будущего, но и в активном участии в формировании его.

4. О. К. Флехтгейм: Футурология включает в себя чистую науку прогнозов и проектов, теорию программ и планов, а также философию будущего. Это определение учитывает многогранность футурологии, включая как практические аспекты (прогнозирование, планирование), так и философские аспекты (философия будущего).

Важно отметить, что футурология как область исследования постоянно развивается, и ученые могут иметь разные подходы к ее определению и методологии. Независимо от конкретного определения, футурология играет важную роль в анализе и понимании потенциальных будущих сценариев и влияния современных решений на будущее общества и культуры.

## Литература

1. Пять этапов развития футурологии: от предыстории к современности [Электронный ресурс] - Режим доступа: http://earchive.tpu.ru/handle/11683/72832 - Загл. с экрана

2. Бондаренко В.М. Будущее сквозь новых знаний о закономерностях развития человека, общества и природы [Текст] Бондаренко В.М. - Теоретическая экономика. -Ярославль, 2021. № 8 (80) - С. 13-22.

3. Баркова Э.В. Детерминизм в развитии экофилософской картины мира.[Текст]/Баркова Э.В//Право и практика. –М.: 2020. № 1. – С. 168−174.

4. Тогусаков, О. А. Предвидение как функция науки [Текст] / О. А. Тогусаков. – Бишкек: Кантполиграф, 1997. – 130с.

УДК:101.1:316. 4(575.2)(04)

***Рыспаева С.Ж.***
*Гуманитардык жана коомдук илимдер*
*кафедрасынын ага окутуучусу*

***Рыспаева С.Ж.***
*преподаватель кафедры Гуманитарных и*
*социальных наук*

***Ryspaeva S.Zh.***
*teacher,*
*department of humanities and social sciences*

*И.Раззакова атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети*
*Кыргызский государственный технический университет имени И. Раззакова*
*Kyrgyz State Technical University named after I. Razzakova*

# СОЦИАЛДЫК ТОБОКЕЛДИК – СОЦИАЛДЫК ТАНДОО КАТАРЫ
# СОЦИАЛЬНЫЙ РИСК – КАК СОЦИАЛЬНЫЙ ВЫБОР
# SOCIAL RISK AS A SOCIAL CHOICE

**Аннотация.** Макалада социалдык тобокелдик, социалдык-философиялык илимдин категориясы катары каралып, теориялык-методологиялык аспектиде талданып, социалдык тобокелдиктин коомдогу орду, адамга, социалдык институттарга, социалдык топторго, тийгизген кесепети, ошол эле учурда анын маанилүүлүгү каралат.

**Негизги сөздөр:** Тобокелдик, социалдык тобокелдик, социалдык тандоо, социалдык коргоо, социалдык мамиле.

**Аннотация.** В статье рассматривается социальный риск как категория социально-философской науки и анализируется в теоретико-методологическом аспекте, определяется место и роль социального риска в обществе, а также последствие его влияние на людей, социальные институты, социальные группы, социум и одновременно рассматривается его значимость данной категории.

**Ключевые слова.** Риск, социальный риск, социальный выбор, социальная защита, социальное отношение.

